833кырг
С 21
65

М. САСЫКУЛОВ

# БАЙЫСКАН



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач ___________

333 кирг
С 21

М. САСЫКУЛОВ

# БАЙЫСКАН

40

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 199079

АБОНЕМЕНТ

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1972

# УУЛГА БЕРГИС КЕЛИН БАР...

Ата-бабабыздан калган «атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар» деген макал бир кездеги теңсиз заманда аялга ыйгарылган мактоонун жеткен эле жери—кылды учу окшойт. Бирок бул алкыш аялдын толук сапатын көрсөтүүдөн алда канча алыс тургандыгын биздин ошол акылман, аяр жана адилет ата-бабаларыбыз кантип эле баамдай албай калды экен? Жок, андай болушу мүмкүн эмес, аялдын жогорку макалга сыйбас артыкчылыгын алар да көргөн, билген жана баалаган да болуш керек. Антпесе Каныкейлер кайдан оозго алынсын, бирок аялдын мыктыларын—Каныкейлерин гана эмес, Акылкарачачтарын да «уулга бергис келин бар» деп, даңазалоодон ийменишип, антүүнү «ургаачыга» кулдукургандык, демек эркектин беделин түшүрүп, наамын кордоп, тебелегендик катары түшүнүшүп, «адамга адам—карышкыр» болгон заманда эркек жышаандуулардын кара күчүн аялдын чексиз асылдыгынан артык коюуга аргасыз болушкан чыгар...

Андай болсо, адилетсиз турмуштун кысымында, караңгы замандын туюгунда карайлаган ата-бабаларды азыр айыптоодон не пайда? Андан көрө алар айтууга батына албаган, бирок айтууга татыган адилет сөздү—«канаттуунун баары куш, чанда бири бөрү алат» дегендей, эркектин баары эле кайдан арыстан, жолборс болсун да, аялдын баары кайдан үй күчүк болсун? деген сөздү айтып өтсөк жана бул сөздүн калети жок-

тугун далилдеп көрсөтсөк, турмуштун көркүн ачкан, адамдын атын улап, адамдын жолун узарткан аял алдындагы бир милдеттен кутуларбыз.

Баары бир, аталарыбыз баалады́бы, жокпу, биз баалап жатабызбы, жокпу, ага карабастан, «асыл зат жерде калбайт» дегендей, заманыбыз баарыбыздан адилет экен, аялдарга карата акыйкаттык кылып, айтыла элек сырдын кутусун ачып, аялдан чыккан азаматтарды ааламга даңазалап, аттарын алтын тамга менен доорубуздун летописине (тарыхына) жазып койбодубу. Антип аты тарыхта тамгаланган аялдар менен совет эли ар убакта сыймыктанат да, аралаш өсүп, бирге жүргөн азаматтарды сыйлайт, урматтайт.

Алыска барып, тарыхка кайрылып эмне кылабыз, айлана-чөйрөбүзгө эле көз салып, замандаштарыбызга көңүл бурсак, азырынча жалпы журтка көрүнө элек болгону менен көңүлгө алынууга татыктуу көп эле сонун адамдардын арасында жүргөнүбүздү кантип сезбей коёбуз. А чын-чынына келгенде, аралаш өскөн адамдарда байкабастыктын, барк албастыктын ченеми чектен аша чапмайы да болот. Бул үчүн кимдир бирөөнүн сары изине чөп салып, аны атайын айыпка жыгууга аракеттенүүдөн эч нерсе деле чыкпайт. Анткени андай кенебестик кимдир бирөөнүн сезиминин туюктугунан же ичинин тардыгынан келип чыкпастан, аралаш өсүп, бир жүрүшкөн адамдардын күндөлүк жүрүм-туруму, кыял-жоругу, ар кандай асыл сапаттары, адамкерчилик мамилелери бири бирине жөн гана кайдыгер көрүнүшкө — өнөкөткө айланып кеткендиктен келип чыгып жаткансыйт.

Ырас эле, бир гана чөйрөдө жашаган киши бир арыктан аккан суудай болуп, ошол эле нук менен агылып кете берсе, ошого да көнөт эмеспи. Ал акырын кетип бара жатабы, катуу кетип бара жа-

табы, кулач жайышы кеңириби, тарбы—анын баарын кайдан билст?! Эгерде ал башка чөйрөгө, турмуштук башка жагдайга туш келсе, ошондо гана эң оболу өзү жана өз чөйрөсү кандай экенине ой жүгүртүп, эки чөйрөнү жана анын өкүлдөрүн өз ара салыштырып көрүп, анан гана кимдин кандайлыгын баалайт. Мына ушул принциптин ролу көбүнчө чыгармачалык чөйрөдө өзгөчө даражада турат. Ансыз—турмуштун бардык тармактары менен таанышмайынча, адамды дайым эле театрдын залынан же шаардын асфальтталган тротуарынан көрбөстөн, турмуштук ар түрдүү жагдайларда, шарттарда көрүп, таанып-билмейинче алардын бири биринен айырмалуу өзгөчөлүгү жашыруун бойдон кала берет да, окурмандарга көрсөткүң келген каарманда көрүнөрлүк сапат болбой калат·

Мен муну философиянын жаңылыгы катары эмес, турмуштук тажрыйбанын тыянагы катары айтып отурамын. Анткени азыр мен окурмандарга тааныштырмакчы болуп отурган каарманымды илгертеден бери тааныймын. Ал экөөбүз мектепте бирге окуп, конькини бирге тээп, топту бирге ойноп, чикитти бирге чабышканбыз. Биздеги бир гана айырма — анын чүкө ойнобогондугунда боло турган.

Айнанын кыз катары чектелгендиги ушунда гана болбосо, башка жагынан алганда бүт бойдон эркек бала сыяктуу өстү. Кыз өңдөнүп башына жоолук салынбай, жайында кепка, кышында тумак кийүүчү. Кышкысын туфли кийбей, өтүккө көнүп, жаз чыккандан баштап, бизге окшоп жылаң аяк жүрүүчү. Биздин тамандарды каптаган бир эли чор анын да таманын калоондон, алтыгана, итмурундун тикенектерин мелдеше кетип тебелешкенде ал да бизден кем калчу эмес. Ошонтип, калыпка түшпөй эркин өскөн биздин буттардын берекелүү көлөмү фабрикадан чыккан чокой-чу-

кайлардын мыктыларына гана сыйбаса, анча-мынчаларын тоготпой, согончокко чейин эмес, бармак башына да жолотпой, жашыбызда кам көрбөгөн ата-энелерибизге түйшүк туудурбадыбы. Бирок Айнанын буту кантти экен?.. Ушуну түк ойго албаптырмын...

Ушул эле болсо гана?! Ошончо жылы бирге өсүп, бирок анын ким экенин карап жүрүп көрбөптүрмүн, кандайлыгын билбептирмин...

Азыркы кыз-келиндер кийген эркектердин формасын Айна ошол биз окуучулук күндөрдө эле кийгенине караганда, азыр ушундай болоорун ошондо эле көргөн олуябы деп ойлойм. Илгери жаш чагында эркекче өсүп, эркек мүнөзүн күтүп жүрүшү — анын азыркы турмушундагыдай аталык да, энелик да ролду жалгыз өзү аткарып калаарын алдын ала билгендиктен жасаган репетициясыбы деп, буга да таң калам. Эмнеси болсо да эчен жылы бирге өсүп, эчен жолу сырдашып, бирок таанybаган Айнаны эми, арадан сансыз жыл өтүп, айланышып бир көрүшкөндө тааныдым. Көрүңүздөрчү?.. Кайсы уулдан ал кем экен, кайсы эркек ага тең экен?!.. Элди билбейм, мен уулга бергис келин бар экенине ишенем...

* * *

Чатыры шифер менен жабылган ак сарай ичине кире бергенде силостун ачкыл жыты мурунду жарчудай аңкыйт. Босого тарапта каз-катар тизилген алюминий челектер (флягдар) зыңкыйышат. Сарай ичинде түркүм добуш үн алышып, силостой аралашып, жуурулушуп, бирин бири улайт, бирин бири басат. Ооздору жем-чөптөн бошобогон уйлардын таноолору дердеңдеп, мурундары быш-ш — күш-ш. Саан жаңы башталган жерде тирсийген эмчектерден атылган сүт-жебелер дир-

дир урунгандан зың-зың күүгө келген бош чаканын түбү сүт алдында тумчукканда мурунку добуштун ордун шор-р — шор-р агымдар басат. Бул ыргактар улам жанырып, улам кайта башынан түшүп кайталанат. Мунун баарын тең адам үнү басат экен...

— Асиянынкы канча дедиңиз, жеңе? — саанчылардын бригадири Аманбай Токоноев ар бир жолку саандын жообун каттоочу журналды барактап баратып, эми эле бир уйдан саап алган сүтүн өлчөп жаткан аялга кайрылды.

— Беш дебедимби?..

— 276-нычычы?

— Аныкы төрт.

— Коюңузчу, жеңе, кайдан ушундай болсун... экөөнү бир чакага саадыңыз беле?

— Жок, ботом! Мен эмне, бүгүн эле жаңы келген жанмын белем? — Канча жылдан бери иштеп жүрүп...

— Ошондо да...— Аманбай жанагы журналын ачты да, тиги саанчынын жанына барды.— Мына, Сабыр жеңе, Асиядан эртең мененки саанда 7 литр сүт алынган, ал эми Расиядан үч жарым литр гана саалган. Кайсы уй болбосун эртең менен көп сүт берерин менден жакшы билесиз. Бул—менин шектенишимдин биринчи себеби. Экинчиси—Расия жарым айдан бери үч жарым литрден ашык сүт бере элек. Кечээ түшкүсү араң эле үч болгон. Мындан ары анын сүтү азая бериши керек. Анткени туутка жиберилерине бир айдан аз убакыт калды. Ал эми сиздин тажрыйбаңыз боюнча калганда уйдун сүтү байыр алдында арбыйт деген теориядан тескери тыянак чыгып жатат. Буга кантип киши ишенсин...

— Койчу деги, уул, эмне болуп кеткенсиң?.. Ушу сакалдуу башым менен... койчу ботом, мен эмне... суу кошуп койду дейсиңби?...— Сабыр жеңе чындап таа-

рынып, сарайдан чыгып кетмекчи болду окшойт, үс түндөгү ак халатын чечип, бригадирдин документтери сакталуучу столдун үстүнө койду да, жоолугун оңдоп салына баштады. Арытан сүт саалган чакасын көтөрүп келип, сүтүн өлчөп жаткан Айнаны көргөндө жанына келип, аны күбөгө тарта сүйлөдү:

— Айнаке, бизди ыркыраштырбай, тиги байкеңе өзүң айтчы. Расияны өзүң саабадың беле?

— Кандайча Айна саайт?

— Өз уйларын саап бүткөндүр деп ойлоп, Айнага саадыра койдум эле, ушул эле башка сүттү кошуп койбосо... Андан калса Расиянын желини эң эле катуу. Колунда күчү бар киши саабаса...

— Анын эмнеси бар экен? Өз ара жардамдашканыбыз да өөнбү?—Сөздүн эмне жөнүндө жүрүп жатканына түшүнбөгөндүктөн, анын сырын Айна өзүнчө божомолдоду окшойт.— Антишпесек, бизге ким карайт. Ошенткенде да ар бир саанга эки сааттан ашык убакытыбыз кетип атат...

— Жок, айланайын, өз ара жардамдашууңар жөнүндө ким сөз кылмак эле. Ынтымагыңар чыңала берсин. Аныңар дурус. Көрбөгөн кишинин көзүн чел баспайбы. Биздин талаш Расиянын сүтү көбөйө баштаганында болуп жатат.

— Жеңемдин ушул уюнун желини өтө эле катуу окшойт. Сиз, Сабыр, жеңе, саанды ушул уйдан баштасаңыз дурус болчудан. Себеби колуңуздун каруусу кете электе... Тур ой, Жумабек, шыпыргыңды коё туруп, аркы каалгаларды ач, уйларды жайытка агыталы.— Сабыр жеңеге карата айтып келаткан сөзүн бөлүп, Айна да Жумабектин артынан сарайдын каалгаларын ачышууга бет алды. Башка саанчылар чакаларын бир жерге топтоп, өздөрү уйларды агытып кириште. Сабыр жеңе эле же келиндерге колкабыш кылбай же баягы

[illegible] бойдон сарайдан чыгып кете албай, ыргыл-
[illegible] бойдон туруп калды.

— Мүмкүн... мүмкүн... Айна сааган болсо... — Аманбай өзүнчө эле сүйлөнүп баратып, бир нерсени [illegible] эмедей, бир паска ойлонуңку турду да, Сабыр [illegible] кайрылды.—Сиз да бир кызык жансыз. Аде-[illegible] эле ошентип иштин жайын айткандын ордуна... Айна туура айтып жатат, сиз ушул үйдү биринчи саап [illegible]. Деги кызык... Тең өмүрү мал менен өткөн [illegible] билбегенди кечээ эле келген Айнанын байкай [illegible] карасаң...

— «Асыл—таштан, акыл—жаштан» деп ошон үчүн айтат да. Анын үстүнө билими да бар. Он үч жылы мугалим болуп иштеген келин оңойбу?..

— Көп ошондо да... Мындай келиндерге эркектин да [illegible] бири тең келбесе, калганы караандабайт. Акылдуу аялдардын жүйөлүү сөзүн укпагандын кула-гы [illegible] болбойбу, сапаттуу ишин көрбөгөндүн кара [illegible] болбойбу.

— Сен муну мага карата айтып атасыңбы?..

— Жок, жеңе, жалпы эле калыс сөз катары айтып жатам. Бу көбүнчө эркектерге тиешелүүлүк кылат го...

— Аялдын сөзүн да эркек укчу беле, силер намыс-[illegible] болот эмессиңерби?..

— Аялдын сөзүн укпаса да Айнанын сөзүн угуш керек. Айланайын, акылынын тунуктугун жөн койгон-до да, ыйманынын ысыктыгычы. Башкага кандай эке-нин билбейм, мага тун баламдай көрүнөт. Аты эле ке-лин болбосо, өзү уулга бергис бала го, айланайын.

— Анын ырас, уул. Айнадай келиндерден айланса да айрым эркектерге аздык кылат... Кой эми, узун жо-лунда түшүп бараткан турбайбызбы. Мен да тигилерге [illegible] жиберейин.

— Сиз флягдарды жүктөгөнгө жардамдашасыз го, азыр машина да келип калыш керек.

Ошол жагдайдан пайдаланып, бая Айна жөнүндө айтылып баратып үзүлүп калган аңгеменин кайтадан улантылышына себепкер болоор деген ой менен Айнанын бала-чакасы тууралуу сурадым.

— Айнанын колунда кимдер бар?

— Эки уулу менен кайненеси... О-о, ал кишиде да илгерки кайненелердин сүрү бар, анча-мынча келин-кезекке тим эле кыргыйдай тийип, оңой-олтоң жактыра койбойт. Айнаны да эчен электен өткөрүп келип, эми минтип ошол келининин көзүн карап, уулдан көрбөс убайды көрүп отурбайбы. Ким эле ушинтип кайненесин өз энесиндей урматтап багыптыр. Мына, күйөөсүнөн айрылганына алты-жети жыл болуп калды. Айнадан башка аял болгондо алда качан эле көңүлүнө жаккан бирөө менен баса бермек... Же Айнага жетпей, ак эткенден так эткендер аз бекен? Башкаларды айтып эмне кылмакпыз, өзүнүн эле кайнага, кайнилеринин канчасы алдын ала камынып, катындарын кетирбеди дейсиңер. Кээ бирөөлөрү ошол бойдон куру жалак калып, эмдигиче казан-аягын өздөрү кармап жүрүшпөйбү. Айнашка батына албай, четтен акмалап, көз артып жүргөндөрү канча... Ошонун бирине да көңүл бурбай, энем, балам деп имерчиктеп жүрүшүнүн өзү эле канчалык боорукерлик, мээримдүүлүк экенине түшүнгөндөр да бар, өз оюнча жоруп таң калып жүргөндөр да жок эместир...

Аңгыча Айналар да келип калып, аңгемебиздин аягы чукул бурулуп бүттү. Саанчылар өз иштерине киришип, чакаларын, чыпкаларын жууп, тазалоого өтүштү.

— Ии-ий, жеңе, суунун араң эле тумшугу сыныптыр, буга чакалардын майы кетпейт го.— Саанчы келиндердин бири бригадир агайына айткандан ийменген

өңдөнүп, ал кишиге өзү айтаар дегенин, Сабыр жеңеге кайрылды эле, аны Аманбайдын кулагы чалып калыптыр.

— Суу жылытканга отун түшүрүлбөдү беле?

— Тигине, түшүрткөн отунуң. Кандай экен, барып көр. Ушул сенин эле жумшактыгыңан го... болбосо, башка бригадаларда электри күндүр-түндүр жанып турат, ысык суусу бир чоргодон, муздак суусу бир чоргодон агып турат. Бизде болсо, жадегенде жарытылуу отун да жок. Деректир укпаса, те-е райкомго барбайсыңбы? Иши өткөн кишинин сөзү да өтөт. Же сүттү элден кем берип жатабызбы? Же тиги Көчмө кызыл туусу сарайга электр ордуна кубат, радио ордуна концерт болуп же от ордуна суу жылытып берет бекен?

— Ыя, жеңе, сизди орозо кармап жүрөт дегенге ишенбей койдум эле, ошо чын окшойт го?— Чакаларын жууп-тазалап, жыйыштырып бүтүп, сарайдын жанына келип токтогон машинага сүт куюлган флягдарды жүктөөгө даярдап, капкактарын жаап бекитип жаткан Айна Сабыр жеңеге карап жылмайганда, бая сыдырым желге ичиркене түшкөнүнөнбү же эти качкан-га жукара түшкөнүнөнбү, айтор, ууртары ичине тартыла түктөйгөн жүзү өзгөрүп, көз ирмемче болсо да, тамылжый калганы, биз бир өскөн бала чагына окшоп кетти. Асты, үстү бүт кылкасы менен салынган алтын тиштердин Айнага берген көркү азыркы бир көрүнүп, анан кайта тарап кеткен табигый сулуулуктун нурунчалык касиетке ээ боло албастыгын сезип, бүткүл эле нерсенин көркү, коэздугу балалык менен кошо келип, балалык менен кошо кетеби деген ойго келдим. Айнанын азыркы көрүнүшүн анын бала чагындагысы менен салыштырсам, ошондогу кулундай кубулжуган көрүнүштүн, ойноoктуктун, шоктуктун азыр элеси эле калгансыйт.

Баары бир, мен анын ар бир кыймылына тигиле карап, анын мүнөзүнөн кандайдыр бир нерсе издегенсийм, бирок өзүмдү таңыркатарлык өзгөчөлүк деле таппадым. Жанагы Сабыр жеңеге айткан сөзүнүн ушул жерде орундуулугуна да шектендим. Деги мага өтө эле суз көрүнүп, баягы бир жолку жылмайып койгондогу таасирдүүлүк тарай баштады.

Флягдар жүктөлгөн машина чоң жолду карай бет алып жөнөгөндө Айна чакаларды жууп бүтүп, чыпкаларды дагы бир сыйра таза сууга чайкап жаткан Сабыр жеңенин жанына барды.

— Мага эле бериңизчи, жеңе, калганын чайкап жая коёюн.

— Өзү деле бүткөнсүп калды... Мейлиң, колуң каруулуу эмеспи, сыгып-сыгып эле жая салчы, канча мыжыкканың менен калган-каткан май-сайы чыккыдай эмес... Суусу араң эле жылымыш болуптур. Мындайды айтсаң, баары эле укмаксан болуп калышат...

— Жеңе дейм, менин жанагы суроомо жооп бербей койдуңуз го.

— Кайсы сурооңду айтасың?.. Өх-х! Чарчаган кишинин эсине эчтеке токтобойт окшойт.

— Чарчагандан мурда курсактын айы кууратып жатпасын. Оозуңузду бекиткениңиз чынбы деп сурасам жооп бербей жатпайсызбы?

— Ага жооп бербегидей эмнеси бар дейсиң? Орозомун. Баары бир, керели-кечке кезерип, уйлардын тегерегинде жүрөт экенбиз...

— Ошондой, кыртышыңыз эчтеке сүйбөй эле ачуулуу болуп кеттиңиз.

— И-и, ачууланып кимиңерди жыга чаптым?.. Же көрүнүп турган нерсени айтып койсо эле ачуулангандык болуп эсептелеби?

— Кимибизди чапмак элеңиз? Бироону жыга чапмак түгүл кечке жакындаган сайын жүүнүңүз бошоп, өзүңүз жыгыла жаздап, үшкүрүгүңүз көбөйүп эле үлдүрөп каласыз. Мен сиздин көп эле наалый бергениңизге карата айтып койдум. Элди билбейм, мен өзүм да курсагым ачканда итетайым тутулуп, сиркем суу көтөрө бербей калат. «Курсагы токтун кудай менен иши жок» деген сөздүн такыр эле калети жок окшобойбу...

— Ой, Айнаш, сен акылдуу да, билимдүү да келинсиң... өзүң ойлоп көрчү... Айлана-чөйрөң бүт эле адамча жашап жатса, биз эмне кудайдын тузун уурдаппызбы?.. «Шилимде эшектин жүгү, тилимде кашыктын жугу» дегендей, иштей келгенде биз жакшы болуп, элдикиндей шартка келгенде унутулуп, четте калганга адамдын ачуусу келбей коёбу?..

— Аныңыз ырас, жеңе, бирок бардыгыбыз тең эле бир сарайда иштеп жатпайбызбы. Шартыбыз жөнүндө Аманбай агай да, өзүбүз да айтчу жерде айтпадыкпы. Моюнуңузга алсаңыз, жеңе, сизди электрдин жоктугу эмес эле курсактын ачтыгы ачуулантып жатпайбы?..

— Койчу, Айнаш, курсактын эле дарты болсо, колдон келген ишти кишиден сурамак белем.

— Кеп ошондо болуп жатпайбы, жеңе. «Эжени көрүп сиңди өсөт» дегендей, биз сизди карайбыз. Сөзүңүздү жерде калтырбайбыз, улуу деп урматтайбыз. Демек, сизге кошулуп алып, жалпы ачууланып кирсек эмне болор эле? Мына, «үңкүр да болсо үйүм бар» дегендей, «бүлбүлдөсөм да нурум бар» деген асма чырактар деле бизди эмчек ордуна куйрук кармата элек. Эптеп, эртели-кеч эки сааңды өткөрүп жатабыз. Түшкүсүн болсо жаратылыштын жарыгы жетишет. Бул колдон келер ишпи? Колдон келер иш. Ырас, жалпы абалды жакшыртуу үчүн күрөшүүбүз керек. Бирок кү-

рөш — ачууланууэмес, аракеттенүү да.

— Суук менен кантип күрөшөсүң, колуң камтууга келбей турса, ачууланбай эле кантип аракеттенесиң? Уйдун буту былк этсе, төшөлгөн тактайдын астындагы чыла бырп этип, тактайлардын арасынан атылып чыгат, аны менен кантип күрөшөсүң? Кудайга шүгүр, ишибиз совхоз боюнча алдыда экен. Андай болгондон соң, башкасынан мурда уйдун алдына төшөп алгыла деп тактай берсе, өзүң айткандай аракеттенип, чыланы күрөштө жыкпайт белек.—Сабыр жеңе чайкалган чакаларды көмкөрөсүнөн тизип жатып, эми эмне дээр экенсиң дегендей, өзүн жеңиштүү сезгенсип күлмүң этти. Мына, мен жөнү жок сөз айтпайм, айтсам аны актайм деген мүнөздө биз тарапка да көз чаптырды. Аманбай журналды барактап, кайсы уйдун качан тууткa чыгарыларын карап, эрте чыкчууларын өзүнчө дептерчеге белгилөө менен алек. Анын үстүнө мындай сөздүн нечени угуп, бышы кулак да болуп калса керек, тиги саанчылардын аңгемесине көңүл бурбастан, өз ишин уланта берди.

— Айта койчу, Айнаш, ачууланышымдын жөнү бар бекен?

— Албетте, жөнү бар. Анткени кардыңыз ач.

— Апей, ботом, эмне дейт. Суук менен чыла эсепке кирбейби сага.

— Акырын, жеңе.— Айна күлмүңдөгөн мүнөздө Сабыр жеңенин жеңинен тарта, үлбүрөгөн эрдин үстүңкү тиштери менен сыдырып койду.— Суук менен чыла дегениңизди башка киши укпасын. Чыланын бар экендиги чын болсо, ал суунтун жоктугу эмеспи. Курсагыңыз ток болсо, мындай суунтун ону бириксе да тоготпойт болчусуз. Кана, жеңе, эми жаап-жашырбай айтыңызчы. Колдон келер ишти кишиден сурамак белем деп өзүңүз көп айтасыз. Эмесе, мына бу бизге ок-

шоп, колдо бар оокатты ичип, жеп, тыңыраак жүрүү колуңуздан келеби же бирөөдөн сураш керекпи?

— Келет го, бирок эл-журт эмне дейт?

— Эл-журт эмне десин, ысык мештин түбүндө ыксырабай, ызгаар суукта мал багып, сүт саап иштеп жүрөт дейт. Сиз айып этпеңиз, жеңе, мен сиздин жүүнүңүздүн бошой баштаганын орозо башталгандан бери эле байкап жүргөм. Бирок сиздин жеке кызыкчылыгыңызга киришип эмне кылайын деп ойлогом. Байкасам, сиздин илбериңки абалыңыз жеке гана керт башыңызга эмес, бүтүн коллективдин ишине таасир этчүдөй. Эсептеп көрүңүзчү, бир гана уйдан, жанагы Расиядан эле он күндүн ичинде канча литр сүт аз алдыңыз? Ал эми сизде сегиз уй бар. Анан жалпыбыз менен сиздин жолуңузга түшсөк, совхоздун абалы эмне болор эле?

— Өзүм деле сезип жүрөм. Кармайын деген деле оюм жок. Бирок элден уялат экенсиң. Эми эмне кыл дейсиң? Аз эле калбадыбы, мынча болду, эми аягына чейин эле чыдап коёюн?

— Сиз го чыдайсыз, а бизчи? Желинде калып жаткан каймак-сүтчү?.. Сыга саалбай, сылай саасганга кеңе түшкөн уйдун желини да биротоло бузулат. Ошонун бардыгын орозо кайта ордуна салып береби? Эгерде ошого көзүңүз жетсе, уланта бериңиз. Болбосо...

— Болуптур... Бирөө менин казаныма аш салып берип жатабы. Эмне десе, ошо десин, өзүм деле ыргылжын болуп жүрдүм эле. Силерден бөлүнүп барган бейишим да курусунчу. Келе эми, Айнаш, баарысын коюп, бир атым наспай таап бер. Тамактан да ушунун кумары кыйын экен. Бирок оозун ачып алды деп...— Сабыр жеңе бизден сыр жашырайын дедиби, айтор сөзүнүн аягын Айнанын кулагына шыбырады.

— Анын эмнесин айтмак элем. Же мага бирөө су-

йүнчү бермек беле?..— Эми элдин алдында уятка калтырбагыдай эле дегенсип, күнөмдүү караган Сабыр жеңенин түрүн байкагандыктан, Айна аны соорото жооп берди. Бирок ошол замат эркекче борс-борс күлүп, жеңесинин халатынын жеңинен тартып-тартып: — Ээй, жеңе анын эмнесин жашырабыз, менин оюмча жар салышыбыз керек. Биз эмне үчүн салттын саркындыларын сактагандарга теңелишибиз керек? Алар бизге теңелсин, мыкты болсо, иште теңелсин!

— Койчу! Ошондо да...

— Аны ошондо көрүшөбүз... Келе, байке, жеңеме бир папирос берип коюңузчу?.. Ме, жеңе, муну бекем тиштеңиз да, кудай берген шыпыргыны колго алып, сиз бул жагынан кириңиз, мен...

— Сен, Айна, бул иниме кайрыла кетпейсиңби? Ишиңдин жөн-жайын айтып бер. Мүмкүн, бакыйып, кезитке чыгып келерсиң...

— Уйлар жайыттан келип калат го.— Аңгемелешүүгө Айнанын көңүлдөнбөгөндүгүнө ушул жооп күбө болду. Бирок биз ага таарынбадык. Айнанын шашып жатканы да эп болучу.

— Ошончо кармалмак белең? Өз ишиңе тиешелүү бир-эки ооз пикириңди айтып берсең, калган жагын мен деле толуктап коём... Баса, бири бириңерди билесиңер го деп, мен силерди тааныштырган да жокмун. Менин билишимде бирге окуп, бирге чоңойгондой болдуңар го же...

— Аныңыз чын, бирок мурдагы жылы таанып бай эле койгон. Эсиңиздеби, баягы Сейилбүбү жеңенин журналга да чыгып, радиодон бир нече жолу айтылганы. Ошондо кызылчачыларды кыдырып жүрүптүр. Менден кыя өтүп кете берген. Оозунун желин аяса да, баш ийкеп койсо эмне?.. Же колуна шамшар карматып, кызылча тазалатып коёт деп корктубу?

— Кечирип кой, Айнаш, тааныбай эмес, байкабай калышым мүмкүн. Сени кызылчачы болуп кетет деп ким ойлоптур. Чынын айтайын, канторуңардын алдындагы Ардак тактадан сүрөтүңдү көрбөгөндө сени бул жерден жолуктуруу бүгүн да ойдо жок болучу. Мен билгени мугалим элең, кийин кызылчачы, азыр саанчы аталып, кесип тандагыч болуп кетиптирсиң. Деги кайсынысы көңүлүңө толду?

— «Эри өлгөн катын кошокчу болот» дегенди уга элек белең?..

Айнанын мукактана түшүп токтоп калышынан өзүмдүн тамаша түрүндөгү айткан сөзүм анын талуу жерине тийгендигин сездим, ыңгайсыз абалга кептелип, андан ары эмне деп айтарымды билбей калдым. Ойлонбостон туруп, оңтоюна карата оозумдан чыккан ушул сөз күндүн бетин тосо калган булутка окшоп, Айнанын жүзүндөгү жаңыдан тутанып келаткан жайдарылыкты кайтадан жаап салгандай болду. Ал оор үшкүрүндү.

— Мен так ошонун өзүмүн... Бир гана айырмасы кошокчу болбостон, эмгекчил болдум... Аргасыздан кесип тандагыч болдум... Мен эми ишиме киришейин, Аманбай байке... Азыркы жумушумду өзү көрдү, мурдагымды сизден угаар...

Айна менен ушундай шартта жолугуштук. Иш убагындагы аңгемебиз ойдогудай болбой калды...

* * *

Кыштакта кар жок. Бирок чыкыроон суук беттен чымчылап, дагы эле чыйрыккансынат. Кечээтен бери жөө туман басканга бак-дарактар бубак жамынган. Жер үстү шыбыргак. Жолдун тоо жакты боюндагы



Ошская областная библиотека Инв. № 199079

чатыры черепица менен жабылган тамдын жанында 8—9 жашар чамасындагы эки бала чаналарын сүйрөп, аркы дөңсөөгө бурулду. Айналардын үйүн сурап алуу максатында алардын артынан утурлай бастым. Анын үстүнө, кары жок жерден кантип чана тебет деген кызыгуу да пайда болуп, адегенде алардын чана тебишкенин көргүм келгендиктен, акырын ээрчип баратам.

— Мен мурда тебейин ээ, Эмилбек. Сен анан канча тепсең да болот, жеңең үйдө жок эмеспи.

— Экөөбүз учкашып тепсек эмне болот? Мен да үйгө барышым керек. Саат алтыда сабак окууга отурушум керек.

— Сени ким саат боюнча текшермек эле же апаң да сааттын канча болгонун билеби?

— Билбейт деп эле оюма келгенди жасай берсем, жакшы болмок беле?

— Ыя, Эмилбек, сен кимисинен көбүрөөк коркосуң?

— Кимисинен деп кимди айтасың?

— Апаңанбы, же жеңеңенби деп жатам. Апаң урбайт го, ээ?

— Эмнеге урмак эле? Жеңем деле урбайт.

— Тил албай койгондо же ишти чала бүтүрүп койгондочу?

— Анда деле эч кимиси урбайт. Жөн эле сүйлөшөбүз. Бир үйдүн эркеги эле менмин да. Замирбек болсо кичине. Жеңем да мени ушинтет. «Сен бир үйдүн эркегисиң, сени тилдеп же уруп-сокконубуз уят. Кайсы сабак даярдайсың, кайсы убакта апаңа кол кабыш кыласың, кайсы убакта ойнойсуң—баарын тең саат боюнча бөлүштүрүп, күндөлүк режим түзүп кой, бирок ошонун ар бирин так, бизге айттырбай аткарылыш

керек. Эгерде өзүңдү өзүң башкара албасаң, өзүңө өзүң ишенбей турган болсоң, анда сенин бир үйгө кожоюн экениң кайсы? Сени да, бизди да башкаргыдай эркек таап алалы... Силерге ата да болот» деп кеңешкен. Ошондо мен убада бергем. Өз ишимди эч кимге айттырбай, текшертпей эле өзүм аткарышым керек. Замирбек чоңойгондо экөөлөп иш кылабыз. Анан...

— Ой, тетиги киши бизди... жок, бизге келатпасынбы?

— Балдар мени байкап калгандыктан, басыгымды ылдамдатып, жакындап бардым.

— Жакшысызбы, агай? — Экөө тең тумактарын колдоруна алып, түп-түз туруп калышты.

— Жакшы, жакшы...— балдардын артынан акмалап, алардын сырдашканын угуп келатканым үчүнбү, эмнегедир ыңтайсыздана түштүм. Анын үстүнө шашып да калдым. Себеби, айлымдын балдарын көп эле көрүп жүрчүмүн. Алар өздөрү таанибаган кишини көргөндө башын жерге салып, сураган сөзгө да жөндөп жооп беришпей, ууртары жылмайып гана тим болушар эле. Башка айылдын балдарына окшоп, кетип бараткан кишинин артынан: «ой, киши, кайда барасың, чай иче кетпейсиңби?» —деп кыйкырма тентектиктерин байкаган эмесмин. Деги биздин айылдын балдары башынан эле адептүү келет. Бирок көп учурда уяңдыгы адептүүлүгүн далдалап кала турган. Бул балдарды да ошолордой көрүп, өздөрү озунуп салам айтаарын күткөн эмесмин.

— Кимдин балдары болосуңар, жигиттер?

— Мен Сагынбектин... Бул биздин кошунанын...

— Үйүңөр кайсы?

— Биздикиби же Айнаныкыбы? — Чананы кезектешип тээп, мектептеги мугалимдеринин суроолоруна тартип менен кезектешип жооп бергенге көнгөн балдар бул жерде да ошол үйрөнгөн адатын калтыргысы ке-

лишкен жок окшойт. Эмки кезек меники эмеспи дегенчелик кылып, Эмилбектин жанындагы бала сөзгө аралашты.

— Айналардыкын... Жок, мен да сени ээрчип, жаңылып кете жаздадым ээ... Бу Эмилбектин үйүн сурап жатам.

— А мунун өзүнүн үйү жок... Чогуу эле турушат. Азыр биз кичинекейбиз да...

— Эмне үчүн өз үйү жок?.. Үйдүн ээси да, үй-бүлөнүн кожоюну да Эмилбек болуп эсептелет.— Жанагы экөө сүйлөшүп келаткандагы «үйдүн кожоюну менмин» деген Эмилбектин ишенимин дагы бир жолу бекемдеп койгум келди.

— Билбейм, элдин баары эле Айнанын үйү деп коюшат.— Тиги бала жолдошунун алдына актангысы келип, ийнин куушуруп койду. Бирок дагы эле арсарсып турганын жүзүнөн байкоо кыйын эмес эле. Башкалардан өзгөчөлөнүп, бул үйдүн «Айнанын үйү» аталып калышынын себеби эмнеде экенин мындай жаш балдар кайдан билсин. Эгерде бул үйдө бой тарткан эркек бүлө жок экендигин, кайын энеси Сабыркүлгө жана көп жылдар бою тооруган каргашалуу оорудан каза тапкан өмүрлүк жолдошу Сагынбектен калган эки баласына каралап, аларга баш-көз болуп, байбичеге уул, балдарга эне да, ата да ордунда жүргөн адам— Айна экенин билбесе, жаш бала түгүл, чоң кишилер дале буга таң калмак.

Мен бул маалыматты уй сарайда айтылган сөздөрдөн алганмын. Ошондуктан мен буга таң калган да, балдардан сыр түйүнүн сураган да жокмун. Бирок мени кызыктырган башкы маселе — Айна эмне үчүн мугалимдик кесиптен кетип калды же советтик педагогдун наамын актоого күчү жетпей калгандыктан, өз алына жараша иш издедиби? деген суроолордун жоо-

бун угуу максаты менен келаткандыктан, Эмилбекти ээрчитип, алардын үйүнө кирдим. Үйдө менден башка да мейман бар экен, Айнанын келишин чогуу күттүк...

— Ыя, берекем, бу сенин келиниңе эмне болду?.. Кудайга тобо-о, жаш келин да ушу убакка чейин жоголобу?.. Эмки жаштарга өз көңүлү куунак болсо, болду экен да... Үйүмдө картаң кайненем, жаш балдарым бар деп ойлошпойбу, берекем...

Ооз ачардан бери тиги ак самоордогу чайга ортоктошуп, терден-кургап чайланып отурган карыя эмнегедир тынчсыздана баштады. Бирок Сабыркүл эне камырабай, калбаат. Келини саандан кеч келээрин билет да.

— Койчу, берекем,— бир аздан кийин баягы карыя дагы сүйлөнө баштады.— Бу сенин келиниң колуңдабы деги же...

— Эмне, же-е?..— Сабыркүл энеге тиги кемпирдин тетири буруп бараткан сөзү сөөккө сайылган бычактай тийди окшойт, селт эте түшүп, баягы камырабаган мүнөзүн өзгөртүп, айкыра сүйлөдү.— Же сенин бир билгениң барбы? Калп эле шырдак ойдурат элем демиш болуп келип, мага жыландын башын көрсөтө албай турасыңбы?.. Айтчы, балам, сен дагы соо келген эмессиң го?..— Каза болгон баласынын ордуна келинин карманган карыя мага да каардуу карады. Ушул маалда ал кишинин оюна эмнелер келди экен? Адам шектенгиси келсе, ак-караны ылгоого алы жетпей, көзү көрүп турганга көңүлү ишенбей, асмандагы айды да сынган табактан кем баалайт тура. Сабыркүл эне да так ошондой болуп, эч кандай негизсиз эле мени да көзүнүн чаары менен карашы абдан катуу тийди. Тиги тилине ээ боло албаган кемпирдин жөндөн жөн эле тыбырап, улам бир сөздүн башын чаргытып, өтө эле билермансынгандыгын, ошентип отуруп каяктагы жок

түйшүктү карыя эненин капарына салганын өзүм да өөн учуратып, жактырбай отурсам, эми минтип, өзүм да ошонун капшабына калып отурганыма түшүнөр жан кайда?!..

— Силер кеткилечи деги! Андай эле Айнакемдин оюнда бир деме болсо, адегенде өзүбүзчө кеңешип көрөлү... Кантем... кармамак белем... Каалаcа... Ушунусуна ыраазымын... Канча жылдан бери... Ашын берелекте кетип калгандар деле бар эмеспи. Кара көзүм да бир кашаят экен го...—Эненин тынчы кетип чебелектеди. Ал кишинин оозунан дагы-дагы бир топ сөз чыкты, бирок бирине да түшүнбөдүм. Сүйлөнүп да жүрөт, үй ичинен бир нерсе издегенсип, улам бир бурчтагы чапан-чупанды ала коюп, кайра таштап убаланып да жүрөт. Акыры тапты окшойт, чийбаркут чепкенинин айкаласынан жамынып, жеңин таппай сыйпалаган бойдон эшикти карай бет алды.— Болсо, болбосо да сарайга барып келейинчи. Эмилбек, силер үйдү ичинен илип алып отургула. Эшик тумандап турат, мен жеңеңердин жөн-жайын билип келейин. Жүрөгүм да кабынан чыгып кетчүдөй болуп...

— Токтосоң, апа, мен саатты карайын?—Бая эшиктен жолуккан улуу баласы ыргып туруп, идиш-аяк салгыч шкафтын үстүндөгү коңгуролуу саатты манардуу чырактын жанына алып келди.—Апа, саат сегизден он беш минут өтүптүр. Жеңемдин келишине дагы 30—40 минут бар. Дайыма эле ушундай го...

Жаш бөбөк дагы бир нерсе айтайын дегенсип баратып токтоп калды. Жеңеси жөнүндө карылардын жөн эле күйгүлтүккө түшүп жатканына нааразы экендиги ансыз да билинип турду. Небересинин мүнөзүн байкадыбы же анын сөзүнөн уламбы, айтор, Сабыркүл эненин кумсарган өңүнө кызыл кирип, чамынганы токтоп калды.

— Ошондой десең, мээнетиң алайын, кучугум. Се-ен, Шакен, балакетти баштабай, шашсаң кете берчи, бай болгур. Кийизинди калтырып кет. Айнакем аны сенсиз эле эл жаткандан кийин жайбаракат отуруп оюп коёт.

— Атайы шырдак ойдурганы келсем, башка кайда шашмак элем? Эмне эле мынча жек көрүп калгансың, берекем? Келинге сак бол дегеним жаман сөзбү? Эри жок эмеге көз арткандар азбы? Анын үстүнө сенин келиниң ургаачыда жок адам го, бечара. Кудай таалам ушинтип бир жагынан артык жараткан пендесин башка бир жагынан ченеп, өөнөп коёт тура, кудуретиң-ен айланайын. Оюнга тойбос чагында ушинтип ойронунан айрылып калганын көрбөйсүңбү. Айла канча, баары кудаадан... Жаш эмеге кыйын да... Кокус бирөөлөр азгырса... кеткиси келсе, анын деле убал-сообу бар эмеспи...

— Койчу... нары, болбогон кепти. Бу качантан бери эле олуя заадалардын сөзүн сүйлөп калгансың? Менин келинимди жөн коюп, өзүңөрдүкүнүн камын көргүлөчү. Айнакем эч кайда кетпейт. Сагынбегим барда келиним болсо, эми уулум да, келиним да — экөө тең өзү.

Карыя эне шектенүүдөн эми арылды окшойт, баягыдай калдастабай, кайрадан мурдагы калбаат абалына келип, арсарсынбай ишенимдүү сүйлөп калды.

— Ылайым эле ошондой болсун, берекем. Мен жөн эле түн катып жүргөнүнөн чочулап атпаймынбы.

— Он сегиз уйду үч маал сааш, аларга жемин, чөбүн бериш жеңил ишпи?.. Анын үстүнө азыркы күндүн кейпи кайсы?.. Чыкканынан батканы тез.

Аңгыча Айна да кирип келди. Ооз менен мурундан чыккан демге бубактанган жүн жоолугун, күрөң жака-

луу пальтосун кире бериштеги саймалакей пардалуу кийим илгичке иле сала колун жууду да чайга отурду...

— Ыя, апа, казаныңыз кандай?— Чайын ичип бүтүп, чыныларын жыйнаштырып жатып, кайын энесине кайрылды.—Меймандарды эске алдыңызбы?

— Ооба, айланайын. Бул энең да биртике эт бышырып келиптир, бир тогологун балдарга бөлүп бердим. Алар тамакка күтпөй эле уктайт эмеспи. Калганы тигинде турат. Анан ысык сорпого сала койсок...—карыя эне калдастап, төркү бөлмө тараптагы терезедеги бир неме оролгон тасмалды алып, Айнага сунду.—Ме, ооз тий. Шырдак ойдурганы келиптир. Баягы Асакенин кызына оюп бергениңди көрүп, ошонун түрүндөй болсун деп келиптир.

— Мунусун жөн эле койбойт да, жарыктык. Мен эмне, өнөрүмдү сатмак белем. Жөн эле оюп бербейт белем.— Айна бир аз оңтойсуздана түшүп, тасмалды тегерек үстөлдүн үстүнө койду.— Мына, ушундай кесибим да бар. Тамак даяр болгуча кантип кесип тандагыч болгонумду айтып берейин ээ. Жалган жери болсо апамдар ондой отурушсун.

Айна кеседен көлөмдүүрөк көк табакка ун салып келди да, кесмелик камыр жууруп жатып, эл агартуу системасында 13 жыл иштегенин, анан, өз айлында иштөөгө орун болбогондуктан, башка мектептерге жиберилгендигин, бирок үй-бүлөгө жана жалпы эле турмуш шартына байланыштуу көчүп конуп, которулууга мүмкүнчүлүк болбогондугун айтып келип, оор үшкүрүнүп койду. Ал үшкүрүк — бүгүнкү оор оокаттын эмес, өткөн оор күндөрдүн каңырыгы өңдөнду.

— Өх-х! Өткөндү адамдын ойго алгысы да келбейт. «Ат бир мүдүрүлсө, үч мүдүрүлөт» дегендей, адам бир кыйшайса, оңой менен оңолбойт экен...—Айна жууруп

бүткөн камырдын үстүнө табакты комкоруп койду да. жанатан бери ойноп отуруп, азыр кыйшайып уктап бараткан Замирбегин кроватка көтөрүп жаткырды. Көптөн бери көрбөгөнсүп, көкүрөгүнөн жыттагылады. Айнанын анткени тиги кемпирге жакпагансып калды. Же «өзү бала болуп туруп, баласактыгын кантесиң» деп ойлодубу же «эки жакка буйдалбай, өз ишимди эртерээк бүтүрүп берсе болот эле» деп, Айнанын аркы берки үй оокатка кармалып атканына чыдабадыбы, айтор, эрди-башы бүлкүлдөп, мурундун үстүндөгү сансыз бырыштар ого бетер жыйрылышып, мурдагыдан көбөйө түштү.

Адатта, ар кандай окуя, ар түрдүү көрүнүш ар башка адамга ар түрдүү таасир этип, ага карата ар ким өзүнчө көз караште болот эмеспи. Бул жолку Айнанын баласына төккөн мээримине бөлөк да болсом ичим эзилип, өзүмчө эле рахаттандым. Эне менен баланын ортосундагы жакындыкты аалам журт кабыл алып, өздөштүрсө, адам менен адам эне менен баладай ынтымакта, ынактыкта жашаса, алардын турмушу укмуштай көрктөнүп, адамдын аймагы майкөл, сүт көлгө айланып, бейкуттуктун берекеси чалкып гана турбас беле! Анда адамга баш ийбеген жапайы күч жаратылышта болбос деген кыялга берилдим. Акыры адам коому ушундай деңгээлге жетээрине дилимде ишендим, ишенемин...

Чынында, иш жүзүндө, аалам кантет, аны ким билет? Деги адам наамына шек келтирбес асылдардын катары өз элимде — журтумда өсө берсинчи, ага таазим кылбагандарды биз көрүп туралы!.. Ошолордун — адамдык сапатына татыктуу жашагандардын бир өкүлү—Айна болгондон кийин, мен анын азыркы кыймылынын ар бирине маашырланып отурдум. Жаш болсо да эне эмеспи, аял болсо да аталык милдетти моюнга

албадыбы, мейли жыттасын, мейли өпсүн перзентин! Атанын да, эненин да камкордугун өзү аткарган адам атача да, энече да рахаттансын! Ага сын жок, болгон сын ага жетпейт!

— Ооба, аттын мүдүрүлгөнүнөн адамдын мүдүрүлгөнү кыйын болот экен... Бир жолу мүдүрүлгөндө өмүр шеригимден айрылдым да, тагдырга таарындым. Экинчи мүдүрүлгөндө жактырган кесибимден айрылдым да, айрым бироөлөрдүн адилетсиздигине таарындым. Ошентип, ат сүрдүксө, кайта оңолот экен, адам сүрдүксө, ардактаганы жоголот экен. Турмуш жолунун сыдыргыга сыйбас татаалдыгы мына ушунда белем, айтор өйдө да болдук, ылдый да болдук... Бирок эл бар экен, журт бар экен... кор болгонубуз жок. Мына, ошолордун катарында...

— Анысы чын, айланайын.— Сабыркүл апа келин-баласы мукактанып токтой калганда анын сөзүн улап кетти.— Эринен ажырап, эки бала, бир кемпирди колуна кармап, мүгдүрөп турганда кээ бир ичи жамандар ошондон пайдаланып, Айнанын ордун талашпадыбы. Алар менен ыркырашып жүрбөйүнчү деп, бир жылы башка айылдан иштеп келди. Кийинки жылы айылдагы өз ордун берет го десек, мындан да эчтеке чыкпады. Ошого намыстанып, Айнакем бала окутканын таштап, кызылча да бакты. Жалаң гана бизди аягандыктан ошентти. Эки жылы катары менен кызылчасы мыкты болуп, жүзү жаркырап, урмат, сыйга ээ болду. Мүшөктөп кант, кочуштап акча алды. Жетимдикти, жесирликти билбедик. Элден-журттан айланайын, бири жөлөп, бири таяп, жакшы эле дем беришти. Баш оорулуу болуп, күнөстө көп жүрүү зыяндыгын доктур айткандан кийин, саанчылык ишти беришти. Мына, андан бери эки жылдан арбын убак өттү. Намысын алдырбай, элден артта калбай, дагы эле

оозго алынып келатат. Азыр ак ниети менен эмгек кылган адам кайда болсо да кор болбойт турбайбы. Жаман кемпир, жаш балдардын да ырысы бар экен. Минтип...

— Ак сөз, берекем, мунуң ак сөз.—Баары бир, мен шашкандан эчтеке чыкпайт экен дегенсип, баятан жоп гана сөз тыңшап отурган тиги кемпир бир азга сүйлөбөй калганына бук болуп кетти окшойт, сөзгө аралаша кетти.— Өйдө болмок, ылдый болмок да, кор болмок, зор болмок да аяк-быягы аралашып келип, барды-келди, кудаадан десеңчи. Ыймандуудуга ырыс жолдош дейт. Барды-келди баки жогу келиниңдин ыймандуулугунан да. Башка бирөө болгондо капкачан баса бербейт беле?

Карынын бул сөзү да Сабыркүл энеге катуу тийди окшойт. Ал киши кабагын чытып, бир неме деп жооп кайтаруууга обдула түшүп токтолду. Эриндери бүл-бүлк этип, бирок үнү чыккан жок. Болжолу, Айнадан кол үзүү ал киши үчүн түз эле өмүрдүн өзү үзүлгөнү менен барабар окшойт.

Мүмкүн, анын ордунда болгондо башка кишинин ою да ушундай болмок чыгаар. Бирок, эки адамдын, өзгөчө кары менен жаштын кызыкчылыгы ар убакта эле айкалыша бербес. Айна болсо жаш, отуздун эле ичинде. Өмүрүнүн ачыла элек, алдыда ачыла турган гүлү али сансыз. Анын кызыкчылыгы менен жетимиштин ичиндеги карыя кайын эненин кызыкчылыгы кайдан бирдей чыксын? Же ушул карыянын кадыры үчүн, анын көңүлүн чөгөрбөө үчүн өз кызыкчылыгынан кечип койгондур? Албетте, бул ашкан адамкерчилик дечи, бирок мына ушунун өзү да өзүнө татырлык адамкерчилик менен гана акталыш керек эле го. Эмне үчүн карыя киши муну ойлонбойт? Эмне үчүн өзүнө ушундай ысык мамиле кылган, адаттан ашкере сый-

лаган адамдын бир жолу суукка чалдыккан өмүр гүлүнүн кайрадан сакайып, көрктөнүшүнө жолтоо болот?..

Дагы-дагы ушундай ой толгоолор сезимди бийлеп, бирин бири улайт, бирине бири уланат. Ушул оюмду ортого салсам, орой көз чарэй отурган жерде жашка жардамчылык, карыга калыстык кылган болбоймунбу деп да көрдүм, бирок, жүрөк даабайт. Кимдин кандай түшүнөрүн кайдан билем. Анын үстүнө ынтымактуу эле жашап жаткан адамдардын жеке турмушуна кийлигишип эмне кылам. Эгер тиги мейман эне ушуларды айтса, мен аны колдоор элем. Айтса экен деп улам карайм. Баятан айткандары деле турмуш сырын билген, көптү башынан өткөргөн, карынын да, жаштын да кызыкчылыгына түшүнгөн кыраакы адамдын оозунан чыккан жүйөөлүү сөздөр тура деп ойлоп, ал кишини жанатан бери жактырбай отурушумду айыптайм. Көңүлүмдө кечирим суранам.

Чын-чынына келгенде, Айнадай абалга туш болгон келиндерди мурдагы заманда (айрым жерлерде азыр да кездешет) же кайнагасына же кайнисине алып берип, башын байлашчу экен. Антпегенде же ата-энесинин колуна барышы же башка бир өзү жактырган кишиси менен турмуш курушу да мүмкүн экен. Айна деле кетсе, кете бербейби, аны ким кармамак. Ошо жөнүндө өз оюн айткан кишиде эмне айып? Анын үстүнө Айнада кайнага менен кайнинин бири гана эмес, бир нечеси турса, жөн гана эмес көз артышып, биринен бири тыңсынып, ар кими эле Айнага теңсинип турса, ойго албай коё турган окуябы? Ал эми Айнанын бардыгынан баш тартып, кайнагага да эмес, кайниге да эмес, кайненеге башын байлап, эне үчүн бел болуп, бала үчүн атага да тең болуп, бир үйгө баш-көздүк

кылаары кимдин оюна кириптир, мындайды мурда ким билиптир?..

Албетте, бул көрүнүш ар кимди ар башкача ойго келтирери чын. Демек, тыянак да ар башка болушу мүмкүн. Ал эми бул абалдын өзөгү, тактап айтканда, кары менен жашты — кайнене менен келинди бириктирип кармап турган данакер — биздин жыргалдуу доор, адамдын адамдык сапатынын ачылышына шарт түзгөн советтик коом экенине Айна менен кийинки аңгемелешүүдө ачык түшүндүм.

Биз бул жолу күзгө жуук, дагы эле өзүбүздүн айылдан жолугуштук. Анда Айна өзүнө бекитилген 18 уйдун ар биринен 3500 литрден сүт саап алып, мамлекетке пландан тышкары он миң литр сүт тапшырууга жетишкендиги жана ага чейин да эмгектин үлгүсүн көрсөтүп, коомдук ишке активдүү катышкандыгы үчүн элдин зор ишенимине ээ болуп, райондук советке депутаттыкка шайланган эле. Ошол салтанаттуу күндө Айнага ак тилектерин билдирип, колун кысып толкундагандар, кучактап алып, эки беттен аймалап өпкүлөгөндөр канча экенин азыр сүрөттөп берүү кыйын. Ошончо элден оңой менен жол тийбестигине, тийген күндө да азыраак аңгемелешип, айрым маалыматтарды тактоого мүмкүнчүлүк болбостугуна көзүм жеткендиктен, Айнанын үйүнө кайтышын күттүм. Анткени айылдагы биздин үй менен Айнанын үйү кыштактын күн чыгыш жакты четинде болгондуктан, экөөбүз бир топ жерге чейин бирге барып, анан ал түз кетмек да, мен төмөн түшмөкмүн.

Айнаны аз күттүмбү, көп күттүмбү, билбейм. Аны менен боло турган аңгемелешүүнү пландаштырып отуруп, убакыттын канчасы өткөнүн, кандай өткөнүн да байкабай калыптырмын. Ал башка жакка кетип калбагыдай эле деп, бир маалда клуб тарапты карасам,

Айна да менин сестенгенимди сезгендей жаңыдан эле чыгып келатыптыр. Мен аны утурлай бастым. Билбейм же мени көргөнгө ошенттиби, канткен менен теңтуш өскөнбүз да, же бүгүнкү кубанычтын күчтүү таасириненби, айтор, эки бети тамылжып, күлмүңдөп келет...

Адамдын көңүлү куунак чагында аны шайырдык, тамашакойлук коштоп алат тура. Жол боюжалаң гана чарбачылык жөнүндө маектешпестен, тамаша сөздөрдү да аралаштырып келатып, экөөбүздүн жолубуз айрылышаар жерге жеткенде сөз кезегин өзүмө алдым:

— Бүгүн жүзүң албырып, көзүң да балбылдап, балалык кездеги көркүнө келип, күнөстүү беттин гүлүндөй кулпуруп турасың, бирөө жолдон кармап алып, ала качып кетпесин? Жеткирип койбосом болбос. Же...

Өткөн жолку Айналардын үйүндө болгон окуяны Сабыркүл апанын шырдак ойдурам деп келген кемпир экөөбүздөн шекшинип, (мени күйөөлөп келген жигит, берки кишини жуучу түшкөн кудагый катары көргөнүн кийин уккам), үйүнөн кубалаганын сөзгө кыстара кетким келди эле, бирок Айнанын көңүлүнө кетеби деп ойлоп, анын бүгүнкү жайдары мүнөзүн өзгөртүүгө батынбадым.

— Ой, тоо-бо, мен бир нерсеге таң калам. Кээ бир адамда өзүнчө бир кызык мүнөз болот экен. Муну эмне деп эсептеш керек экенин да билбейм. Өтүмсүздүкпү же токтоолук, оорбасырыктуулукпу, болбосо адамкерчиликтүүлүк, гумандуулукпу?.. Тереңирээк баамдабай, чукул өлчөп, чорт кескен адам өтүмсүздүк деп түшүнсө, аркы-беркисин текши алып, тереңирээк караган адам акылдуулук деп түшүнүшү да мүмкүн. Кыскасы, кандай экенин өзүм ачык айта албайм. Ушундай мүнөз сенде да бар эле. Карасаң ой то-бо, анын ошол эле бойдон калыптыр. Башка бирөөдөн уксам,

өлүп кетейин, буга ишенбес
мая карады. Болжолу, айтк
алды экен деп, мени байкад
жанга айла жок турбайбы.
анын эмнесин сурайсың? Ж
барбы? Же шаардыктардын
— Жок, сен экөөбүздө
жай болсун. Бир жатында
эмишкен боордоштордой жа
гыбыздын качан да болсо ту
— Айтам да?.. Андай бо
дегендей, кеттик. Эки иште
депутаттыгымды да эң алд
йин.
— Ылайым эле тоюңа
туштарың үлпөтүңдө жүрсө
болот?
— Кайсы тойду айтасың
— Абышкалуу болгонуң
рө бермек белең? Бу дагы о
— Менин оюмдагы бир
катарына кошуу. Аларга б
кум келбейт, колу тийгенин
— Ошондой, так өзүңдү
зү да тийбегендей, өгөй эме
шуп кете турган азаматты
нин акылы жакшы, экиник
пи. Экөөлөп киришсеңер ба
ка оокат-тиричилик да жең
— Менин кайсы көп ба
Замиримди өстүрүүгө өз к
болгон эски заман жок эме
эч нерсе келчү эмес, эптеп
жан бакчу. Эркегинен айры

элем.— Айна мага жыл-
ан сөзүмдү кандай кабыл
ы окшойт.— Деги өтүмсүз
Жеткирериң чын болсо,
е чоочуй турган жайың
тартиби ушундайбы?
оочуша тургандай эмне
тебишкен, бир эмчекти
кындыгыбыз жана тазалы-
рганы турган дечи.
олсо, «урушта туруш жок»
н бир иш кылып, биротола
н менен өзүңө жууп бере-

той кошулуп, биздей тең-
экен... А берки тоюң качан
?

дагычы?.. Ушинтип эле жү-
йго ала жүрчү нерсе го...
гана нерсе — баламды эл
ирөөнүн сөзү тийгенин ук-
көргүм келбейт.
н оюңдагыдай, колу да, сө-
с, өздөй болуп, жуурулу-
таппайсыңбы? Бир киши-
н андан да сонун дейт эмес-
лдарды тарбиялоо да, баш-
илдебейби?..
лам бар эле. Эмил менен
үчүм жетет. Аялдар алсыз
спи. Анда аялдын колунан
эркекке баш калкалан
лган аял эң биринчи багар-

5—1768

көрөрүнөн айрылуучу. Жесирдин күнү тозок, жетимдин күнү азап болчу. Азыр таптакыр башкача да. Кудая шүгүр, аталуу балдардан кем кыла элекмин. Апам да уулунун жогу гана болбосо, башка жагынан кемчил боло элек. Жанагы сөзүңдү айтаарда ал кишини ойлодуңбу?.. Муну да көңүлгө түйө жүрүш керек...

— Бул айтканыңдын баары туура. Кайненең менен да эне-баладай болуп, эзилишип кетишиңди эл мактап жүрөт. Мунуң да дурус. Бирок жашоонун чеги эле ушул эмес да. «Сыйлаганды сыйлагын» дейт тура. Сен сыйлаган эне сени да ошончо, а түгүл, алда канча ашыра сыйлаш керек эмес беле. Анткени бала үчүн эне барынан кечип коёору, балага керек болсо, жүрөгүн да сууруп берээри башынан эле келаткан салт, көнүмүш адат эмеспи. Эмне үчүн сенин энең ошентпейт? Эмне үчүн сенин кызыкчылыгың үчүн өз кызыкчылыгынан кечип койбойт? Эмне үчүн сенин жаш өмүрүң жөнүндө ойлонбойт?

— Аның ырас, ата-бабадан уланып келаткан адат, салт боюнча алганда бала үчүн көбүнчө эненин күйүп-бышаары бышык. Жан-жаныбарлардын бардыгы ошондой, балдарын коргоп, энелери, торго да түшүп, колго да түшүп, көп учурда өмүрдөн кечет, жан кыят. Бирок алар муну балдары алсыздыктан, өз алдынча коргонууга жараксыздыктан жасашат. Биз адам турбайбызбы... Ар кандай аракетти шартка жараша жасап, шарт өзгөргөндө өзгөртүшүбүз керек да. Бирок биз буга кээде көз жумуп коёбуз. Бала жаш чагында эненин канаты астында өссө, кийин бала эр жетип, күчкө толуп, эне улгайып, күчтөн тайганда да баягы эле эски жомок кайталана бериш керекпи? Кимди ким калкалап, ким үчүн ким кам көрүш керек экендиги

алардын ар кимисинин ошол шарттагы, жагдайдагы мүмкүнчүлүгүнө жараша чечилиш керек чыгар.

— Ооба, бул айтканыңда да калет жок. Эч ким өз мүмкүнчүлүгүнөн ашып түшө албайт. Сен да өз үй-бүлөңдү өз күчүңө, мүмкүнчүлүгүңө жараша, колуңдан келишинче багып-көрүп жатасың. А сенин апаң өзүңдүн али жаштыгыңды эске алып, ылайыктуу бирөө менен мындан ары да өмүр сүрүшүң жөнүндө чындап болбосо да, көңүл үчүн бир ооз кеп-кеңешин айтты бекен?

— Айткан күндө да кулагымдын кырынан кетмек. Мейли, сен айткандай эле болсун деп коёлу. Ошондо менин мындан да мыкты болуп кетээриме, «мүйүздүү болом деп, кулагымдан айрылбастыгыма», ошентип, бөөдө кайгыга чалдыкпастыгыма ким кепил өтө алат? Мына, эл катары жашап жатабыз. Мындан ашкере ой-ду-тоону эңсеген опасыздыктын эмне кереги бар? Чын-чынына келгенде жеке өзүм жөнүндө эч качан ойлой-бойм. Эгерде мен өзүм эле болсом, кеткен күндө да, калган күндө да эч нерсе уттурбас элем. Азыркы менин жашоодогу максатым — балдарды тарбиялоо, энени кор кылбоо. Апамдын каранаары да, карманаары да мен болсом, анан кантип ал киши мага башкача шарт түзүп бере алат? Мен кантип андан ушуну күтөйүн?..

— Апаңды таштап кете бер деген ким? Сага апаңдын уулундай, апаңа өзүнүн уулундай көрүнүп, алынып кетээр адам жөнүндө сөз болуп жатпайбы?

— Чынын айтканда баарыбыз тең тирүү жанбыз го. Аркы-беркини ойлобой коймок белек. Бирок ой деген ой, реалдуу турмуш деген турмуш да. Кургак санаадан кубат болсо кана! Билбейм, анда эмне болуп кетээрин. Билесиңби, кээде мен кыялымда... А койчу ошону... деги кызык ээ... Кыял кандай учкул, кандай

учсуз, бирок бир жаман жери... а мүмкүн, жакшы жеридир, кандай күчсүз?.. Ар кандай ылдамдыкта ага ылайык, ага пропорционалдуу күч болот ээ? Карасаң кыялда андай күч деле жок, бирок андан ылдам эмне бар? Эгерде ал өзүнүн ушундай учкул темпине, тездигине теңдеш күч-кубатка ээ болсо, адам кантээр эле да, аалам кантээр эле? Кээде жалаң эле ушундайларды ойлой берип, башым катат. Кээде те-е, капкачан өткөн балалык күндөрдү элестетем. Кээде бөйтөгөн бөбөктөр менен жүрүүнүн рахатын эстейм да, ошондо башканын баарынан кечип кетем. Кээде эртеңкиме ой жүгүртөм... Биз дагы бир кезде карылыкка моюн сунуп, пенсияга өтөбүз го. Ошондо: «сиз окутуп өстүрдүңүз эле. Мына азыр жазуучумун, же илимпозмун, же өнөрпозмун же мен да сиздин жолуңузду жолдогон педагогмун» деп, өз эмгегимден өнүп чыккан дарак катары, мейли, бутак эле катары бет алдымда турса, ошолорду көргөн сайын кайта жашарып турбас белем...

— Эмне, саанчылыгыңа өкүнүп жүрөсүңбү? Ушул кесиптен атагың чыгып жатпайбы?

— Мен эмне, атак үчүн, даңк үчүн далалаттанып жүрөт дейсиңби?.. Мен иштин түбөлүгүн ойлойм. Башкасын жөн эле коюп, бир гана нерсени айтайынчы. Кокус мен уй саап жатып, жанагы эле «Таня», «Маня» деп эркелетип, желиндерин массаждап, эмчектерин укалап атып саап отурган уйлардын жанында эстен танып жыгылып калсам, алар менин чакамды ыргыта тээп, өзүмдү тебелеп кетээрине ишенесиңби? Мына, сенин эркелеткен, кастарлаган малыңдын сага көрсөтөр сыйы. Ал эми окуучуларымдын арасында жүрүп ушунтсем, алар, болбоду эле дегенде, башымды жөлөп, оозума суу тамызышат го... Мына, үйгө да келип калдык. Кесиптин баары эле жакшы дечи, бирок

педагогдукка тең келээри жок. Көрүнгөндүн баарын айтып, тажатып да жибердим го, үйгө кирели...

Үйдө баягы эле жаркылдаган кабак, сыпайы сый, эпилдеген мамиле, жетинбеген урмат...

Мына, советтик доордун сонун адамдары — аялдары — турмуштун көркү, кыскасы, өмүрдүн туткасы...

Минтип, бир үйгө (таасири көпкө) кайрат, дем болгон, эр бүлөгө тең болгон, иште камчы салдырбаган, күрөштө намыс алдырбаган кыз-келиндерибизди бүгүн да илгеркидей аялсынтып басынтууга, барк албоого ким дегендин жүрөгү даайт?! Эмгектин жолун эч нерсе тосо албастыгын, эрдикти да баса албастыгын өз тажрыйбасында ашкерелеген Айналардын арымын абайлабагандар аялдан гана эмес, коомдук агымдан артта калып алдастарына ким шектенсе, анын көзү али туюк. Андайлардын баасын турмуш өзү бычат, көзүн да турмуш өзү ачат!

## БАЙЫСКАН

### 1. ЖЫЛМАЮУ...

— Мына, китепканабыз кичинекей эле... өзүбүзгө... өз алыбызга гана жараша... Жети миңче китебибиз, жети жүз элүү окуучубуз бар. Болгон эле байлыгыбыз ушул...

Ырас эле бул, Байыскан эжебиз башкарган айылдык китепкана—маданий агартуунун кеңири майданындагы көп жылдыздардын гана бири, демек бул—чындыгында эле кичинекей мекеме.

Бирок мындай кичине жерде иштеген, өз милдетин билген—бирөөлөргө жетелетпеген, бирөөлөргө желкелетпеген, өз кесибине дасыккан адамды эмгектенген жайына карата кичинекей көрүп, анын коомдук салмагын граммдап, көлөмүн сөөмдөп өлчөөгө эч ким далбас урбас. Кимдир бирөө антсе да, ага адам көңүл бурбас. Анткени алдындагы милдетти абийирдүү аткарган ар бир адам, кандай гана чөйрөдө, кандай гана жерде болбосун, баардык жерде — алп.

Мүмкүн, Талас районундагы «Таш-Төбө» айылдык китепкананын кичинекей кожоюну—Кеңешбекова Байыскан эжейибиз да дал ошондой залкарлардын биридир... Ал кишинин аткарган иши китептер катарлаша жайгашкан чакан имараттын ичине батпай, сыртына чарпылып, айлана-чөйрөгө тарап, алыскы жайлоолрго, кыштоолорго да чабыттап кеткендир... Анда «куш канаты менен учуп, куйругу менен конгон» өңдүү Байыскандын да канат-куйругу бар чыгар...

Мүмкүн, ал эжебиз өз милдетин өзү ооноп, чабыттап учаар чалгынын өзү төөнөп, үйүнүн бетмаңдайындагы китепканага күндө бир маал баш багып койгонун чоң иш бүтүргөндөй көрүп, өзүнө өзү ыраазы болуп жүргөн эптеп жан бакмалардын биридир... Жогоруда айтылган сөзү алдын ала актанууга кылган аракетидир... Анда адамдын көтөрүлүшүнө эрк бербей, кокойду кескен азаптуу дарт, аялды үй-күчүк абалда кармаган аргасыз шарт бардыр...

1956-жыл... Эки бөлмөлүү жепирейген жалпак там. Төркү бөлмө аңкайып бош, бутка урунар бүдүр жок, жол үстүндөй мелтирейт. Оозгу бөлмөдө — көтөрүм болгон эшектей төрт буту төрт жакка кыйкайып, эскилиги эбак эле жетишкен жалгыз үстөл. Анын үстүнда эски, жаңысы арлаша бир топ китеп. Ушунун бардыгынын кожоюну тигил китептерди бирде тикесинен тизип, бирде үстү-үстүнө катарлаштыра жыйып, өзүнчө эле күйпөктөп жүргөн мына бул жапалдаш бойлуу сары келин.

«Мына, кызык... Мындай көлдөй-шалдай бөлмөлөрдүн эмне кереги бар... Жо-ок... Башка бир чакан эле үйгө котор деш керек, муну от жагып жылыта албайсың го... Отту эмнеге жакмак элем?.. Ким үчүн жакмак элем?.. Андан көрө төркү үйгө төрт-беш чака суу төгүп койсом, түнү менен тоңуп, айнектей жалтыраган муз болуп калат. Анан айылдык китепкананын башчысы ары да, бери да муз тээп, чардай берет...» Китепкананын кожоюну ушинтип кыялдана кетти.

Андан калса, кыял да, санаа да жалгыз жанга жакын болот эмеспи...

... Оокат-тиричилик үчүн тынчы кеткен аарылардай жыбырап, ой-санаалар бири келип, бири кетет. Кече жакында эле ушул жаңы уюшулуп жаткан китепкана жөнүндө сөз болгондо райондук маданият бөлүмү-

нүн өкүлдөрү далай-далай сонун сөздөрдү айтпады беле... Аларды жыйынтыктап келгенде:

Китеп—билимдин булагы, акылдын кенчи, адамдын анык ак ниет досу экендиги айкындалбады беле. Ал эми китепти ар бир үйгө, ар бир окуучуга жеткирүү, китеп менен калайыкты достоштуруу—баарыдан мурда китепканачынын ыйык милдети деген пикир да айтылган. Мындай өтө жоопкер ишти аткарууга өзү макул болгондугун ушул жаңы уюшулган китепкананын жаш кожоюну эстей койду. Эми эле төркү бөлмөгө муз тоңдуруп алып, эл жок кезде эртели-кеч муз тепмек болгон эменин эси эңгиреп, эртеңки муз тиги төркү бөлмөнүн ичинде тоңбой, эми эле өзүнүн ичинде, өпкөнүн бетинде тоңгондой илеби сууй түштү. Кыйкайган арык үстөлдүн туурук-бырыш каптаган картаң бетинде кас-катар тизилген китептерге үңүлө карап, алар менен сырдаша кетти:

— Ыя, айланайын акылмандарым, адашканга жол ачкан көсөмдөрүм, адегенде менин өзүмдү— силерди элге жеткирүү, эл менен достоштуруу милдетин алган мендей жетим акылды илгери жетелеп, көзүм ачкылачы... Кана, мен силерден кеңеш-акыл сурап отурам. Силер бар болгону эле ушул 40—50 нуска китепсиңер. Элдин кимисине жетесиңер?.. Сен эле айтчы, атың—«Ажар»—экен. Ыя, «Ажар», сени канча киши менен достоштурайын? Сеничи, атың ким экен, көрөйүнчү, и-и, «Узак жол» экенсиң, а сен кимдер менен достошосуң?.. Бул «Каныбек», булар... «Эки жаш», «Жараланган жүрөк», «Көл боюнда», «Тандалган ырлар», «Жолборс терисин жамынган баатыр»... О-хо! Бир топ эле болчудан экенсиңер... Кайсыныңарды кай жакка аттандырсам, кимдерге тааныштырсам?.. А, кокустан: «Бул эмне жөнүндөгү китеп экен?»—деп сурап калышса, кайсыныңардын жөн-жайыңарды айтып бере

алам?.. А-а, жетим акыл жаным, жетим акыл жаным!.. Колдон келер эле ишке жармашсам боло. Мен го — мен. Бу райондогуларга эмне болду? Же алар деле мага окшогон байкуштарбы?.. Же үйрөнөт, билет, эптеп иштеп кетет деп ишеништиби?.. А-, байкуш Байыскан, дагы китепкананын башчысы имиш... Же бул, намазга турган эшендердей кыркалекей тизилген «акылмандарымдан» үн да, сөз да жок...

— Ыя, Байыскан! Сен бир күн иштей элек жатып эле үй-жайыңды унуттуңбу? Же ошончолук эле иретке келбей ашып-ташып жаткан сансыз көп китептериң болсо экен?..

Байыскан эженин китептер менен сырдашкан кыялдануусун сырттан чыккан тааныш, кулакка угумдуу, сезимге жугумдуу жумшак үн токтотту.

— И-и, мени сагынып кеттиңерби?.. Балакеттиби... Курсагыңар курушканда, ата менен бала, эже менен сиңди бирин бири тиктешип, тиштеринин кирин соруп турушканда мен эске түшкөндүрмүн. Мурда көрбөгөн жаңы иште кантип атат болду экен деп, бир кайрылып кеткендин ордуна...— Байыскан эже өмүр шеригине эркей сүйлөдү.— Же бул китептерди каягына, кандайча жайгаштырсам оң болорун билбейм же буларды кимге жеткиреримди билбейм. Баса, «баарысын коюп Манасты айт» дегендей, баарыдан мурда сен ушуну айтчы? Бери жакын эле келсең... Бул китептерди окугула деп элге сунуш кылсам, алар: «Бул китеп эмне жөнүндө экен?» деп, менден сурашабы же...

— Анан эмне?..

Байыскан эженин өзү аткара турган ишке түшүнө бербестигинен пайда болгон суроо өмүр шеригин селт эттирди. Эгер башка шартта болгондо, мүмкүн, «бул иш сага оордук кылат, башка бирөөнө өткөрүп бер» дейт беле, азыр болсо анте алган жок. Анткени Ба-

йыскан эже оорукчал болуп, колхоздун чарбачылык ишине активдүү катыша албай калганынан бери башка бир ылайыктуу жумушка кирип алса дурус болор эле деп ойлоп жүргөндө оңдой берди болуп, ушул жаңы китепкана уюшулуп калган. Байыскан эженин өз оюна койбой, «бара-бара өздөштүрүп кетесиң» деп, бул ишке өтүшүнө себепкер болгон да өзү болучу. Ошондон улам, эми да жайынча кеңешин айтып, ишке шыктандырууну ойлоду:

— Сурабай да коймок беле. Алар сурабаган күндө да китептин пропагандачысы анын мазмунун билиш керек. Тигил же бул китеп эмне жөнүндө сөз козгоорун кыскача баяндоо менен ар бир окуучунун сезиминде кызыгууну, шыктанууну туудурушуң керек. Ал үчүн кимге кандай китеп ылайык келерин күн мурунтан ылгап албасаң болбойт.

Анын бардыгын мен кантип билем?.. Же бул китептерден «мен мындаймын» деген үн чыкпаса...

— Кантип үн чыкпайт? Чыгат. Бирок булардын үнү ичинде да. Аны окусаң чыгат.

— Мен да ошону айтып атам. Башка эчтеке иштебей эле китеп окуп гана отура беришим керек болуп атпайбы?.. Жок, мен анте албайм. Эртең эле районго барып, китепканаңарды алгыла дейм.— Эжебиз бурсандап, эшикке чыга жөнөдү. Китепкананы кулпулап, ээрчише жолго түшүштү. Анын өмүрлүгү үн каткан жок, эми эле районго барып бир тийчүдөй күү менен тыпылдай жөнөгөн эженин артынан жай гана жылмайыңкы мүнөздө жылып келет. Төрөбек агайдын тубаса мүнөзү эле ошол. Ал—ачууну күлкү менен жеңген адамдардан...

Кече, аалам-журтту чуу каптап, ападан бала, жарынан эри ажырап, жүрөктөрдү өрт чалган согуш маалында Төкөң да эл катары жоого аттанган, бирок

айрым биреөлөрдөй көзүнөн жаш токпой, немецтерге күйөөлөп бараткансып, эр катары жылмайып кеткен. Эки жылы өрт аралап, кан кечип жүрүп, өзү да канын чууртуп, бүтүн дени жыртылып, кайта элине кайтканда да баягы эле мунарбас нуру жүзүндө ойноп келген. Аны кастарлап тосуп, урматтап учурашкан айылдык кары-жаштар майдандан кайткан жоокердин маанайын көрүп кубанышып: «Адам, бул Төрөбек, деги эле кабагым-кашым деп койбойт. Баягы табына келген бүркүттөй келбетинин теңи жок, бирок жакшылыктын жарчысындай болуп, жүзүнүн бермети баягыдай эле толук. Ылайым эле айылдын жүзү жаркырап, азаматтар бүт ушул Төрөбектей нурданып келсе экен... дешип, анын шайдоот көрүнүшүн жакшылыкка жорушкан.

Ырас эле кайгылуу күндөрдүн аягы күлкү, кубаныч менен аяктап, жеңиштин салтанаты жер жүзүн дүңгүрөтпөдүбү?! Ошондо Төрөбектин кубанычы элдикинен өзгөчө болду. Ал жалпы эл катары улуу жеңишке толкундады. Ошол жеңиштин болорун алдын ала кабарлаган биринчи чабалекейи катары эсептеп, элдин көрсөткөн урмат-сыйы кубаныч толкунун ого бетер окторултту. Ошондон калганбы же кийин эле жаралганбы, деги Төкөмдүн көңүлү жайдын толук кезиндей жайдарысы-жайдары. Аны баарыдан да Байыскан эле жакшы билет.

Мына, азыр да ошону эске алып, обу жок шыпылдаган басыгын басаңдата арт жагын абайлады. Каалгып, жай келаткан жубайын көрүп, «баягы камырабаган каадасы да» деп баратып, кайта көңүлү башкага өтүп, аяп да кетти: «Жок, андай эместир... Мүмкүн, бүткүл бою бүтүн болсо, мени мынчалык алыстатпай эле, артымдан жете келип, ай далыдан аткый кармап, бетиме тике карап туруп, кадимкисиндей жып-жылуу

жылмаят эле... Жаралуунун алы жаралуу экен да. Жарына жанаша жүрө албай артта калды... А-а, берекем, берекем, сен жамандыгыңан ушинттиң беле?.. Мен мыктылыгымдан сага жеткирбей алдыда баратамбы?.. Жетим акыл жанымды жер урсачы... Ушундай гүлдөгөн турмушту фашисттер чачкан кандуу жалындан калкалап калган азаматтардан, калк үчүн, журт үчүн канаты кайрылган, текөөрүнөн айрылган шумкарлардан садага эле кетсекчи... Алардын балдарынын энеси эмес, балдагынын чегеси болуп калсак да биз үчүн сыймык эмеспи... Ошону билбей минтип...»

Байыскан эже илкий басып беш-он кадам шилтегиче кыялы эчен белес-кырдан ашып, эчен айды-жылды басып, эчен-эчен элестерди көз алдыга тартып өттү. Ким билет, мурда ушунчалык аяган беле, жокпу, азыр артынан жете келип калган асыл адамын аркасына көтөрүп алып, айылды, айла болсо, бүт ааламды айлана чуркагысы келди. «Э-эй, эл-журт, биздин ырысыбыз, сыймыгыбыз ушулар! Булардын каны кайда тамганын, кайда калганын унутпайбы! Урматтайлы!» —деп, жар салгысы келди.

Төрөбек да өзүнчө ойлонуп келаткан. Бая Байыскандын мурчуңдап ачууланышын ийгиликтин башталышы катары баалады. Аялы урушчак болсо, ал үйбүлөнү сакташ үчүн күйөөсү тырышчак болуш керек го. Антмейинче, экөө тең бурганактуу болсо, үй-бүлө бир эле жолку бороон менен сапырылып жоголбойбу. Деги, аял ачууланып, албууттанып, аяныч туудура албайт го. Албууттук ал адамдын өз эле баркын кетирет, башкалардын ага карата мамилесин суутат. Турмушту байкап, баамдап көрсөң, адамкерчилик жаткан жерге айбандык батынбайт, акыл качкан жерге ачуу жакындайт окшойт. Ал эми ар иште, ар кандай шартта ойлонуу, оор басырык болуу—адамдын ашкере са-

паты эмеспи. Эмне үчүн адамдын көбөтө-келбети кадимкидей сакталып турса да анын ички асыл сапаты кээде четтеп калат?! Жок, мындай болуу жарабайт! Ыркырашуу адамдын баскан изинен айлансын!

Байыскандын ачууланышына Төрөбектин кайдыгер карашы жогорудагыдай, мурунтан бышып бүткөн мамиленин бир элеси эмес, биринчи гана сыпашуунун көрүнүшү болучу.

Байыскандын кабак бүркөшү Төрөбектин кыжырын келтирүүнүн, нааразычылыгын туудуруунун ордуна сыймыктануусун туудурду. Анткени бул жерден өзүнүн өмүрлүгүнүн мурунтан байкалбаган жаңы сапатын — коомдук иштин жоопкерчилигин туура түшүнгөндүгүн, элдин алдындагы милдетин эптеп жанбагуу максатына багынтып, илең-салаң иштөөнү жек көрөрүн сезди. Аялынын ачуулануусу албууттуктан эмес, намыстуулуктан, коомдук ниети тунуктуктан пайда болгон чечкиндүү аракет сыяктанды. Буга өз ичинен кубанды. Баягы жылмаюу дал ошол ички кубанычтын тышкы шооласы болучу.

Мына, азыр жете келгенде каадасындай жаркылдоо менен эмес, адаттан тышкары сурдануусу менен да өзүнө жаккан жакынына: «Билбестигин моюнга алуу, анысына намыстануу адамдын билимге карай умтулуусун, жаңыны өздөштүрүүгө шыктануусун жаратат. Ийгилик—издегенге табылат, кыйынчылык—иштегенге багынат...»— деп, акыл айткысы келди. Бирок беттеше келгенде бүркөлгөнүнөн ачылганы тез жазгы оюнкарак күндөй жарк эткен өзгөрүүнү жарынын жүзүнөн көрдү да: «и-и, менден мурда эле өзү түшүнгөн экен» деп, жым дей түштү. Байысканы баштагыдан да—баш кошо элегиндеги сулуулугунан да эми сонун көрүнүп кетти...

Мурда аткарып көрбогөн жаңы иш. Байыскан да баягы эмес, кандайдыр бир жаңы киши... Ишке таң менен кошо келет. Өткөн түндө уйку ордун кыял, санаа ээлегендигин эскерткенсиген сурмалары коюлуңку эки көз эшик ачылар менен эски үстөл үстүндө эптеше жайгашкан китептерге тигилет. Ал дагы эле: «Кана, кимиңерден баштайын?» деп, китептер менен кеңешкенсийт... Баштатан тааныштыгын эскерип, колуна «Каныбекти»—алат. Биринчи эле бетти ачканда:

«Кулун жал болсо мингеним,
Кулун тон болсо кийгеним;
Куурасам акыл табышар
Кумар көз болсо сүйгөнүм!..»

...— деп, кичинекей кул ырдап чыгат. А андан арычы?.. Окуянын андан ары өнүгүшүн эске салып, каармандын өмүр жолун элестеткиси келип, Байыскан китепти бетине калкалап, көзүн жумат... Жаш Каныбектин өзөгүн өрттөгөн азаптуу турмуштун дозоктуу күндөрү... Булуттан чыккан айга окшоп кубанычтын нуру жылт эткенде кулун жал минип, кулун тон кийгени, кумар көз Бегайым менен Анарханды сүйгөнү... Анан... Анан кайта кайталагандай дүйнөнү, кайгынын кара булуту аңтарылып, окторулуп, кимди кайда камгак сымак үйлөдү?.. Алар жөнүндөгү элестер суюлуп, Байыскан көзүн ачты.

Китепти жаап койду да, өзү менен өзү акылдашты: «Каныбекти» окугам, кыскача мазмуну эсимде экен. Каармандарынын да башкыларын билем. Бул китепти пропагандалоого...

Пропаганда... Мунусу кандай?.. «Китепканачы— китепти ар бир үйгө, ар бир окуучуга жеткирүүчү пропагандачы» деп, бая күнү айтышпадыбы?.. Жөн эле

китеп таратып берүүнүн эмнеси пропагандачы?.. Анын почточудан кандай айырмасы бар?.. А-а, жетим акыл башым, ушуну сурап да албаптырмын... Кечеги кебине караганда муну Төкөм деле билет го... Эчен жылы районду башкарып жүрүп, ушуну кантип билбесин. Кечинде ошондон эле сурап алайын.

Азыр, китеп сурап киши келе элегинде эч болбогондо бир китеп менен тереңирээк таанышып, ушул эле «Каныбекти» кайта карап чыга коёюн. Ай, үлгүрбөйм го...

Адегенде кичирегинен баштайын. Бул кайсы экен?.. «Ажар»!.. Мына, муну барактап чыксам болот. Мурда окугам, шолоктоп ыйлап окугам. Билбейм, шордуу кыздын абалы ошончолук аянычтуу беле же бул китепти окуурдун алдында атакемден жаңы эле айрылып, өз шорумдан арыла элек белем... Деги ар бир окуясы алигиче көзүмө көрүнүп турат. Баарыдан да энесинин мүрзөсүн кучактай жыгылып, боздогонучу... Анан мен да барып, атамдын жаткан жерин кучактап, Ажардай шолоктогом...

Байыскан «Ажардын» башынан кайра түштү. Бөлмөлөрдө өзүнөн башка бир жан жок. Ошону эле күткөнсүп, китепканачынын көзү саптан сапка сабалап, барактан баракты аралап, тереңдеп барган сайын улам жаңы, улам күчтүү, таасирдүү, аянычтуу окуялар жүрөктү жаралап,.. эчен элестер эми такыр эстен кетпестей болуп, сезимге таралат...

Мени унутпа дегенсип, кээде өз чыгын өзү шимирген, ашказандын тушу былк этет. Кичинекей Калыйман, энең сени унутту дегенсип, кээде эмчектин учу зырп этет. А Байыскан болсо, ансайын үңүлүп, китепке көңүлү кадалат...

Бирок эне үчүн балапан-наристе барыдан таттуу, барыдан кымбат эмеспи. Ошонун күчү болбосо иримге

имерилген чамындыдай китеп кызыгына тартылган сезим анын кубаттуу кучагынан оңой кутула албас эле го. Байыскан да ошондой эле эне болгондуктан, ар кимиси өзүн карай тарткан эки күчтүн эч бирин кыйып кете албай, убакытты улам чоюп олтурбайбы. Жүрөк менен жүлүндүн өз бүчүрү болгон соң, наристе күчү оодара тартып, тиги таенесинин берген оокатына ыразы болбой, ак мамасынын ширин сүтүн эңсеген перзентти көздөй бет албадыбы?! Экзаменге шашылган студенттей болуп, кош бийликтин —энелик жана элдик жоопкерчиликтин алдында алдастаган көрүнүштөр алгачкы күндөрдө алда-нечен кайталанды. Убакыттын дөңгөлөгү да далай жолу айланды...

Китепканага ал күндөрү киши деле келген жок, келе турган да өңдөнбөйт. Эки бөлмө бир үйдө баягы Байыскандын өзү да, майрык үстөлдүн үстүндөгү элүү китеп, башка өзгөрүш жок. Бир жакшы жери—жалгызсыроо да жок. Маданий-агартуунун атайын бир жагы минтип аңкайып калганы анын ээсин анчалык деле түйшүктөндүргөнсүбөйт, анын тетирисиче кубандыргансыйт.

Ардактуу мейманын биринчи күтөрдө адам кандай толкундайт, кандай чебелектеп, ар оокатын бир кармап, анысын көп болсо да аздай көрүп, дагы-дагы жокту издеп кайсалактайт, калдастайт?! Дагы бир нерсе кошо койсомбу дейт, же меймандарым келип калабы деп, эмне кыларын билбейт, ары-бери чуркап, бир мейман келер жакка, бир үй ичине—оокатка карап элеңдейт?!

Китепкананын кожоюну да ошондой биринчи мейман күтүү камылгасы менен алек.

Адамдын өзү анын акыл-эси, кулк-мүнөзү бүтүн бойдон эмгектин бүлөсү болгондон соң, эмгек талабы-

на жараша адамдын өзү аткарган ишке карата мамилеси, кылдаттыгы кызыкчылыгы, кыраакылыгы жана шыгы да өзгөрөт тура.

Байыскан мындан мурда китеп окуп көрбөптүрбү же азыр мурда көрбөгөн, мурдагылардан башка бир сыйкырдуу күчү менен өзгөчөлөнгөн бүтүндөй эле жаңы чыгармалардын туткуну катары жүрөгү бирде чок болуп, көңүлү көккө октолуп; бир кезде жүрөк токтолуп, кан тамырга муз тоңуп, кабагы кардуу муз болуп, бирде эрип, бирде ичиркенип, кыял доорунда отурабы?!

Жок, аны минтип кыялданткан жаңы чыгарманын күчү эмес, эски эле чыгармага жаңыча кунт коюунун, ага үстүртөн гана көз чаптырып өтүү менен эмес, анын ички сырына, тарбиялык таасирине жетүүгө умтулуунун күчү экендигин Байыскан өзү да сезе баштады. Анткени анын ченде жаткан аюудай үргүлөгөн адабий сезими акырындап ойгоно берген сайын анын адабиятка карата мамилеси өзгөрө берди. Адабияттын касиетине,— адамдын алдашпас, акылдашпас досу, акылдын угуту экенине чындап ишенди. Ошондон улам китепти пропагандалоо—тигил же бул чыгармага терең түшүнүп, андан турмуштук тыянак чыгарууга күчү жеткен ар бир адамдын ыйык милдети деп түшүндү.

Ананчы; адамга кылган жакшылык эч качан эсепсиз калбас керек, эстен чыкпас керек, Адатта ар убакта, бардык жерде айтыла да, кайталана да берет. Аны ичке кулпулап тумчуктуруу—кытмырдык жана жакшылыктын үрөөнүн жалгыз өзү жалмап алгандык. Демек, ал—ысапсыздык жана уурулук!.. Ал эми өзү ишенбеген, өзүнүн көзү жетпеген нерсени көтөрө салып мактоо, ошол өзүнө дайынсызды өзгөнүн сөзүнө сүйөнө даңазалоо—өзүн өзү алдоо жана эки жүздөнүү.

Байыскан Кеңешбекова да өзүнө белгисизди башка бирөөнүн көз карашы, жекече баалашы боюнча жалпыга жайылтууну каалабай, ал нерсенин даамын өзү татып, жытын өзү искеп, көзүн өзү тиктеп көргүсү келди. Ошон үчүн адамзаттын акыл казынасын казып кирди. Андан көңүлдө жокту көрдү, көкүрөктө жокту билди. Анын пайдасы ар бир эле адамга тиерине, демек, буга чейин ар кимдер тарабынан айтыла жүрүүчү акылдуу сөздөрдүн кадиксиз экендигине ишенди. Эми, башкасын жөн койгондо да, жеке эле өзүнө китептин кылган жакшылыгын жашырып коюуга акысыздыгын мойнуна алды. Ал жашырууга эмес, жар салууга, ар бир адамды китепке тартууга, ал үчүн окуучуну китепканадан күтпөй, китепти ар бир окуучуга алпарууга умтулду.

Албетте, бул элүү китеп, бир үстөл жайгашкан үйдү китепкана деп атоо али эрте эле. Ал жөн гана кийинчерээк түзүлө турган китепкананын орду болучу. Анын ары, бери жактарында таш-төбөлүктөрдүн кошуна-коңшу жайгашкан үйлөрү көп. Андагылар Байысканга бүт эле тааныш. Аларды өзү башкарган үйгө чакырууга Байысканда шарт жок. Үй муздак, отургузууга жайсыз. Чакырганда көрсөтөр сыйы эле тигил же бул китепти окууну сунуш кылары болбосо, башка эмнеси бар?.. А берчү китепти кайдан берсе да бирдей эмеспи? Байыскан да аркы-беркисин ойлонуп көрүп, ушундай тыянакка келди. Өзү таанышып чыккан китептердин төрт-бешин эки колтугуна бөлүштүрө кысып, маңдайкы үйгө кирди.

Келим-кетимге кең пейилдиги, меймандостугу жагынан биздин элдей эл кайда?! Айыл арасындагы карыя адамдардан үйгө кирсе, төрдө төшөк салынуу, алдыда дасторкон жайылуу. Келин-кезек келсе, тамакашка өздөрү ээ. Мына, азыр да Байыскандын келиши

карыя энени кубанычка бөлөдү:

— Кел, айланайын! Пейлиң жакшы тура, айланайын! Сен кирип келгенде чай дагы кайнап чыкканын көрбөйсүңбү! Чечинип жогору өт, айланайын...

— Олтура бериңиз, апа! Чайды мен деле алып коём. Идиш-аягыңыз каякта?..

— Кудай тилегиңди берсин, айланайын! Чыны-аяк аркы ышкепте, дасторкон да ошерде. «Кары келсе — ашка, жаш келсе — ишке» деген ушу да, айланайын.

Чай ичилип, идиш-аяк жыйналганда Байыскан кандай максат менен келгенин билдирди:

— Менин мында келгеним... Тиги маңдайкы үй китепкана болду. Анда азыр кырк-элүүдөй китеп бар. Айылдагы кат тааныган адамдардын бардыгы ошерге барып же үйлөрүнө алып, китеп окушса болот. Ал эми сизге окшоп кат тааныбагандар болсо, окууга жараган бала-бакырасына алдыртып алып, окутуп угушса да болот. Анткени, китеп — бул...

Байыскан мукактана түшүп токтоп калды. Китеп жөнүндө баягы эле элден уккандарын айтып берүүгө таптанып бараткaнда кыялга бир пикир кылт этти... Ал сөздөрдү орду, жөнү жок эле ойду-тоону аралата берүү жарабас... Анда «сокур көргөнүн койбойт, дүлөй укканын койбойт» болом го... Бу кишиге эмне десем?..

— Китептин касиети жөнүндө көп-көп эле сонун пикирлер айтылып жүрөт. Мен сизге кандай десем?.. Айтыңызчы, апа? Бу сиздей карыя кишилердин кодура чыккан арпадай бирден-экиден сербейип, ар кимиси ар үйдө отурганы жакшыбы же «тең — теңи менен, тезек — кабы менен» дегендей, экиден-үчтөн баш кошуп, эртели-кеч эрмектеше жүргөнү жакшыбы?..

— Ыя, айланайын, өзүңдүн деле энең бар эмеспи...

Карыны сыйласаңар, балам, капастагы бөдөнөдөй кылып, каңкайган үйгө камабагыла. Ансыз да биздин көрөрүбүз аз калды. Тепкедейибизден тең өскөн бурадарыбыздан бузбагыла, кошуна-коңшубуздан бөлбөгүлө. Бирибизге бирибиз кирип-чыгып, аркы-беркилерди айтышып алсак, жарпыбыз жазылып, көңүлүбүз ачылат. Молодой болуп отура берсек, өз боюбуз өзүбүзгө оордук кылып; «иги-ки кокуюбуз» —күчөйт.

— Ушуну айтарыңызды билгем, апа!.. Карынын сөзүн кары укса, жарпы жазылары, карынын сөзүн жаш укса, акылы арбып, көзү ачылары ырас эмеспи, апа? Китептин да касиети ошондой, апа. Китеп — акылга канган карыя. Китеп—кереметтүү кудуреттин кең дүйнөсү. Ал карыяны да, жашты да канагаттандырат. Мына, угуңузчу?

Байыскан отурган ордунан ыргып турду да, тигил идиш-аяк коюлуучу шкафтын үстүнө жана коё салган китептерди алып, кайта карыяга бет маңдайлаш олтура калды. Күндүзгүсүн бул үйдүн уул, келини ишке кетип, үйдө бул эненин каларын мурдатан эле билгендиктен, ага кайсы китеп жагарын, андагы кандай эпизод күчтүү таасир этип, адегенде эле кызыктыраарын да китепканадан бери чыгарында белгилеп койгондуктан, азыр аны шар эле окуп кирбестен, адегенде мазмунунан айтып келип, анан китепке өттү:

«...От бастап өчүүгө айланды. Кайтып алыстан карышкырлар улушту, жакындашты, Ажардын алды-артын тороп, айлантып курчап алышты. Ажар чындап эми жанынан үмүт үздү. Таянган жалгыз отунан ажырарын, жоосунун колуна түшөрүн, ырайымсыз жырткычтарга жем болорун билди, көңүлү караңгылады. Акылы, алы кетти. Эси ооду. Көзүнө жер, жел, чөптөр, тоо-таш—баары да жоо болуп көрүндү. Арбайып, тарбайып, оозун ачып жакындап келе жаткан сыяктан-

ды. Ага айла кылмакчы, каршы турмакчы болду. Колу менен чоктуу күлдү шилеп, жан-жагына ыргытып чачты. Карышкырлар болбоду»...

— А-а, кешиги жок кургу-ур, тумшугу жок булбул!.. Шоруң каткан экен го.... Шоруң?!

Байыскан тиги Ажардын акыркы жолу ажал менен арбашкан жерине жеткенде карыя эненин каңырыгы түтөп, көзүнө жаш тегеренди. Ажал оозундагы Ажарга боору ачып, боздоп ийди. Тамагына көп кырдуу бир нерсе кептеле калгансып, каргылданган үнү үзүлүп-үзүлүп араң чыкты. Чөнтөктөрүн сыйпалап, шырп-шырп эткен ширеңкени шып эле сууруп чыкты да ошо бойдон томсоруп токтоп калды...

— Мынаңыз, апа, китепти мында калтырып кетейин. Уул-келиниң келгенде баштан аяк окутуп угуңуз. Бүткөндө берип жиберсеңиз ордуна башка китеп берем. Ошентип...

Ошентип, Байыскандын китепканачылык иши китеп колтуктап үй кыдыруудан башталды. Кайта кайрылган ар бир китеп бирден жүрөктү жетелеп келди. Окуучулардын саны арбыгандан арбый берди. А баягы көп көрүнгөн элүү китеп эми кимге жетет?

— О-о, ошо да кеппи?!. Бүтүндөй бир китепкана үчүн төрт жүз-беш жүз китеп көппү?!. Аз каражат менен айылды бүт агартуу жайына тарткан азамат Байыскан андайда карап турсунбу?!. Жок, ал алыс умтулду. Тутанган учкунду алоолонтуу үчүн колхоз жетекчилерине, райондун активдерине кол сунду. Ал ишенип баргандар: «анте тур, минте тур, айыл ичин тинте тур» деп, кургак жооп айткан жок. Демек, жаңы жайдын жаш кожоюну куру кол кайткан жок. Аздан-аздан арбытып, акыры баягы залкайып, ачык талаадай кең көрүнгөн эки бөлмөлүү миңдеген китептер тизилген стелаждарга толтурду.

Коомуңдун байлыгы, турмушуңдун шайма-шайлыгы ушинтип советтик адам талап кылган ар бир сонундар азаптантпай табылып турса, таң алдындагы чолпондой таасындалат экен да!

Байыскандын кубанычын айтпагыла. Ананчы... Ал кубанбаганда ким кубанат?!. Ага көктөн күткөнү жерден бүткөндөй сезилет. Төрөбек да буга жетине албай, жарына жанын коштоп, жалгап да калат, кээде мактап да калат:

— Мына, Байыскан, намыстанып жүрүп иштин көзүн таанып алдың. Ишиң менен таанылып алдың. Эми дүрүлдөтө бер, Байыскан!.

— Дүрүлдөмөк экөөбүздөн тең го...— ойлоп жүргөн бир ишти ортого салуунун оңтою келе калды окшоду. Бирок эмнегедир тартынчыктап, оозун таптап барып, ичтеги сыр тишке келип такалгандай, сыртка чыгып, ортого түшкөн жок.

Жарынын жүрөгүндө жашыруун сыр жатканын сезип, азыр анын ачыларын күтүп, кулак түргөн Төрөбек үчүн Байыскан баштаган сөздүн төркүнү түшүнүксүз болду. Ал өзүнчө «түш жоруду»: «айтайын дегени анчейин гана нерсе эмес го... Экөөбүздөн тең го?»... Менин кандай тиешем бар?.. Ишине тоскоолдук кылган жерим барбы?... Кана, ойлоп көрөйүнчү...

Ошентип, Төрөбектин кыялы өмүрдүн өткөн жолдорун сыноого сызып жөнөдү. Бардыгын байкап көрдү, бирок Байысканды шектендиргендей эч нерсе көрбөдү. «Төгүн жерден өрт чыкпайт» дегендей, жүйөөлүү себеп болбосо, жөн эле жерден сөз чыкпайт эле го деп ойлоп, Төрөбек санаадан дагы эле кутулбады.

Дасторкон жайылып, тамак-аш алдыга коюлуп бүткөндө, бой тартып калган Байысбек, бойтоңдогон Калиман оюнду токтотуп, үйгө киргенде алардын шаңы бардыгын бийлеп, атанын кыялы алсызданды, таң

шооласы шыпырган түн пардасындай кыял мастыгы сүрүлдү да кетти, бирок анчалык алыстабаптыр. Үйдүн чолпондору өз иштерине—оюнга үңүлүп, идишаяк жыйылып, ар нерсе өз жайын ээлегенде жанагы санаа да өз жайына кайрылды, жары баштаган сөздүн жөн-жайын, ачык-дайнын сурап билүүгө Төрөбекти аргасыз кылды.

— Кана, Байыскан, жанагы сөзүңдүн аягына чыкпайсыңбы? Иштин дүркүрөшү экөөбүздөн тең дегендей кылдың го. Анын мага кандай тиешеси бар?..

— Э-эй, «Төкөбай-Төкөбай!»—Тиги кичинекей Калиман атасынын атын сураган адамга ушинтип таттуу жооп берүүчү. Аны укканда Төрөбектин төбөсү көккө жеткендей болуп, жүрөгү эрип, жаны жибип кетүүчү. Ошондон улам үйдөгүлөр ата көөнүн көтөргүсү келгенде Калимандын табылгасын пайдалана турган.—Менин ишимдин сага кандай тиешеси бар экендигин мага айттырып укмайын мойнуңа алгың келбейби? Өзүң айткандай, азыр китепкананын абалы жаман эмес. Ким билет, райондун чоңдору жаман көрүп калыштыбы?.. Мейли... мен эмне өз оокатым үчүн «өңгөктөн өтсөң, дөңгөккө» болуптурмунбу? — деги эртели-кеч эшиктерин жыртып, тынчтарын кетирип жүрүп, китепкананын имаратын кеңейтип, чатырын кайта жаптырып алдым. Эми баягы тып-тып эткен сайын жүрөктү зырп-зырп эттирген тамчы да жок. Китептер да ар түркүн. Ким кайсыны каалаcа, ошол китептин бардыгы бар. Ошентип чарба чоңойду. Бирок чарба башчысы мурдагы эле бойдон, кичине бойдон калды. «Малыңа карап ышкыр, алыңа карап иш кыл» дейт тура. Ойлоп көрсөм, ышкырыгым малына жеткидей эмес. Андай болгондон соң же ишти башка бирөөгө өткөрүп беришим керек же ишти башкара билгидей деңгээлге жетишим керек... Ал үчүн...

— Окушуң керек, Байыскан.— Байкабай калып ишине тоскоол болдумбу деп баятан бери бушайман болуп отурган Төрөбек эми сөздүн нугу кайсы багытка бет алганын түшүнгөндө абдан кубанып кетти.— Бая эле ушундан баштабайсыңбы? Муну сенден мурда мен ойлогом. Өзү эмне дээр экен, адистиги боюнча атайын билим алуунун зарылдыгын сезер бекен деп жүрдүм эле. Эми сөз бүттү. Оку, байбиче, оку!

— Токмоктогу маданий-агартуу окуу жайынан окусамбы дейм.

— Анан эмне, ошонун сырттан окуу бөлүмү бар тура, кирип алсаң, ишиң да, окууң да бирине бири жөлөк болуп, эришке аркак эшилип кете берет.

— Кыйынчылыгы да болот дечи... Минтип карыган чакта...

— Анан эмне, «алма быш, оозго түш» болмок беле. Кыйыны кыйын... Аны тособуз да... Каныкейдин Тайторусу деле отуз асыйында озуп чыгып, намыс алып бербеди беле.

Байыскан эми билимге умтулду...

—«Пайгамбар барына разы, жогуна кайыл» экен го. Мейли кантсе да анын өз иши. Ал пайгамбар болгон күндө да биз менен бирге бир катарга турбайт, демек бизге кошулуп, коммунизм курбайт. А эгерде советтик адамдын—реалдуу адамдын бири ошол пайгамбарча жашагысы келсе, ал биздин наамды булгайт.

Советтик адам барына да, жогуна да, ачкасына да, тогуна да бирдей карай албайт. Ал бир орундан былк этпеген «кочкор мүйүз көйкөлбөс, койгон жерден чайпалбас» шырдакка түшкөн түр эмес, өзгөрүп-өнүп, өлбөй өсүп, көрктөнгөн гүл; караңгыны—жарык, бүдөмүктү ачык кылган нур. Анын артыкчылык даражасы—барына да, жогуна да баш ийип, бүгүнкүсүнө магдырап, эртеңкисине көз жумуусунда эмес, жокту

бар, азды арбын кылуу аракетинде бүгүн эртеңдердин үрөнүн сээп, кичинеден чоңго, жылдыздан айга, айдан күнгө, жөнөкөйдөн татаалга, улам алдыңкы, жогорку катарга умтулуусунда. Ар кимиси өз бет алдынча эмес, өзөк менен тамыр өңдөнүп, биринин өсүшүнө бири шарт куруусунда. Байыскан дал ушундай шартта, ушул шартты жараткан чөйрөдө, өзүнүн советтик адам деген наамына ылайык гана умтулду. Натыйжада...

## КУЛПУНУУ

...Натыйжада Байыскан түлөк куштай кулпунду. Анын сермеген колу эңсегенине жетти. Окуусун ийгиликтүү бүтүп, маданий агартуунун адиси деген наамга ээ болду. Чечкиндүү аракетке билим жол баштап, Байыскан башкарган жай барган сайын оңоло берди. Акыры өз атына толук ылайык абалга келди.

Азыр анда барган адам чатыры жаңы, ичи жарык ак тамга кирет. Биринчи бөлмөдөн адабий, саясий, дагы-дагы ар башка, ар түрлүү адистикке, турмуш тармактарына байланыштуу китептердин катар-катар, сап сап болуп атайын жасалган стелаждарда тизилип турганын көрөт. Маанилүү тарыхый окуялардын жаралган күндөрүнө карата жасалган татынакай стендалар, китеп жаңылыктарынын көргөзмөсү менен таанышат. Экинчи бөлмө окуу залына ылайыкталып, атайын жасалгаланган. Андан адам үзүлбөйт. Кээде Байыскан болбой калат. Баары бир, китеп окуучулар боло берет. Ырас, ал айылдык китепкана өзүн өзү тейлөөгө өтө элек. Ошентсе да...

— Бизге Кеңешбекова керек эле!

— О о, аны көп күтүп каласыздар го. Кыштоодогу малчыларга китеп алып кеткен.

— А бул жерди ким тейлейт?

— Менчи?..

— Сиз дагыбы?.. Штат боюнчабы?.. Мында бир эле...

— Жок, мен иштин кызыкчылыгы боюнча... Аялымдын алган акысын экөөлөп актайбыз... Ал эки жакка чыкканда айылдагы китепке ышкыбоздор келе беришет. Ошон үчүн мен мында убактылуу бийлик жүргүзүп калам.

— А көчмө китепканачыңар иштебейби?

— Эмне үчүн иштебесин, иштейт. Күңгөйдө — Сопубеков, «Кең-Колдо» — Жусупбеков. Анан тиги... Токтонаалы... Дагы экөө бар, бардыгы болуп, беш передвижка бар. Малчыларды ошолор тейлешет. Байыскан барганда алардын иштерин байкап, кеп-кеңешин айтат. Кээде, китепке талкуу уюштуруп калганда тигилер атайылап эле чакырышат. Барбай кантип коёт. Ырас, кыш-күрөөдө жаш баланы өңөрүп, жол жүрүү аял кишиге кыйын деңизчи. Анын үстүнө быйыл карышкыр да көбөйүп кетти. Өгүнү. А-а, ата көрү... Кечирип койгула, айланайындар. Элге сөз бербей, өзүм эле божурап аткам тура.

Төрөбек аксакалда бир сыр жатканы сөзүнүн нугунан көрүнүп калды. Анын чети чыга түшкөнүн өзү да сезе коюп, кайта кантип жашыраарын билбей шашып калганын да байкатып койду. — «Сокурдун тилегени эки көз» болсо, журналисттин эңсегени сырдуу сөз эмеспи. Ийинден обочороок отуруп, мылтыгын бетине кармап, суур аңдыган мергенчи тиги жаныбардын жакшы эле аярданып, ары жак, бери жагына көз салыш аракетинде акырын кылтыйткан тумшугун көрсө, ошого эле ыраазы болуп, мылтыгын ыргытып, баса

бербейт го. Анын тетирисинче, аңдыган ийинде издегени бардыгын билгенде үмүтү эми чоңго кетет, мурдагыдан да катуу үңүлүп, кароолго карегин кадап, сабыр этет. Анын сыңарындай, журналист да сыр түйүнүн сабырдуулук менен чечет. Ошондон улам, биз дагы «өгүнү» эмне болгонун билүүгө өзгөчө көңүлдөндүк. «Кара-Коюн» кыштоосундагы Калинин атындагы колхоздун койчусун каратып туруп эле жайыттагы малга карышкыр кол салганын сөзгө аралаштыра кеттик.

— Ошону айтып атпаймынбы, азыркы карышкыр малга эмес, адамга да кол салуудан кайра тартпай калган өңдөнөт. Өгүнү... А-а, ата көрү... Кайта эле баягы...

— И-и, Төкө, айта бериңиз. Өгүнү бул «Кең-Кол» тараптан бирөөнү, койчубу же жөн эле жолоочубу, айтор, бирөөнү карышкыр камаптыр — дешип кара-коюндуктар да айтып жүрүшөт эле. Ал ким экен? Сиз билесиз го, айтып берсеңиз? — Мындай кабарды биз уккан эмеспиз. Жөн эле тиги карыянын купуя сырын жетелеп чыгар бекен деген амалыбыз болучу.

— Болсо болгондур... А кара-коюндуктар кайдан угуптур?.. А түгүл айыл ичиндегилерге да мен билдирген жокмун.

— Эми ошону бизге айтып берсеңиз?

— Өзүм көрбөгөндөн кийин... Анын үстүнө ушундай убадалаштык эле. Жок, өзүнөн уккула... Айтып берсе...

Албетте, биз айтылбай калган окуя жөнүндө анчамынча өкүндүк, бирок агайыбыз Төрөбекке таарынган жокпуз. Анткени журналисттин эң башкы милдети — окуяны алыстан туруп, имиштерден угуп, анан байкоочу катары баяндап коюу эмес, өз көзү менен көрүп же өзү ага катышкан каармандын өз оозунан угуп,

нын кандай шартта, кантип өткөндүгүн так билип, анан гана аны окуучуга элестүү формада тартуу кылуу экендигин жакшы билип туруп, анан кантип көрбогонүн айтпаган адамга таарыналы... Бизди—журналисттерди адилет жана чынчыл болууга, ал үчүн турмуш булагынын сапатын андан аккан агындын аягынан алынган тамчыга карап баалабастан, (мүмкүн, тунук булактан чыккан агынга жолдон ыплас нерсе кошулуп аны булгап койгондур; мүмкүн, ботко булактын киргил суусу жол боюу чөп-чарларга чыпкаланып, туна берип тазарып калгандыр), булактын өз көзүнөн алынган тамчы боюнча баалоого партиялык жана элдик басма сөз чакырат.

А окуянын каарманы — Байыскан эжебиз экендиги бизге белгилүү болду.

Демек, булактын көзү табылган соң, таарынычтын орду жок да. Бирок бул жолу ошол чындыктын көзүнө жете албадык...

Байыскан эжебизге кийнчерээк, баягы эле Төрөбек агайыбыз убактылуу тейлеп турган жайдан жолуктук. Өзү башкарган китепкананын кичинекейлиги жөнүндөгү (биз очерктин башталышында келтирген), сөзүн ошондо уктук. Ырас, жалгыз эле аны эмес...

— Жолдоштор, сиздердин китепке карата ой-пикириңерди, көз-карашыңарды жыйынтыктап келгенде айта турган бир сөз—чыгармага ар кимиңиздер ар башка түшүнгөнсүздөр...

Байыскан эже залда отурган адабиятка шыктуу, китепке ыкластуу, талкууга ынак жаштарга кыдырата көз чаптыра токтой калды.

«Ка-ап, бир аз эрте келсек сонун окуянын үстүнөн чыкмак экенбиз, кайсы китепти талкуулап жатышат болду экен?» —деп, өз ара күбүрөштүк да оозгу бөлмөдөн кулак түрүп отуруп калдык.

— Эжей, а кимибиздин түшүнүгүбүз туура, ошону айтсаңыз?

— Эмне үчүн жалаң эле туура түшүнүктү?.. Жаңылыштыгыбызды деле билели.

— Туура, эжей!

— Бардыгы ортого түшсүн...

Байыскан эжейинин ар кимисине суроолуу карашынан пайдаланып, жаш ышкыбоздор дүү түштү.

— Түшүнүгүңөрдүн катасы жок,— өспүрүмдөрдүн өрнөктүү жардамчысы өз пикирин тактап, ар бир сөзүн салмактап, тынып-тынып сүйлөп жатты.

— Эми силер баягы эмессиңер да. Айткан пикириңердин ар бири туура. Бирок ар башка деңгээлде болуп атат. Силер чыгарманы баштан аяк баалабай, бөлүп-бөлүп, эпизоддоштуруп баалап атасыңар. Тигил же бул эпизоддун кандай формада, кандай ыкма менен берилиши, тигил же бул көркөм каражаттын кандай катнашта пайдаланышы — чыгармадагы экинчи даражадагы маселе. Мындагы башкы нерсе — чыгарманын темасы, андагы көтөрүлгөн проблема, анын тарбиялык мааниси, таасирдүүлүк сапаты жана ушуга байланыштуу бул эмгектин кыргыз адабиятындагы орду. Демек, талкуунун борборунда да дал ушулар болуш керек.— «И-и, кандай дейсиңер?» —дегенсип, Байыскан дагы бир аз токтоло калды. Жаштар болсо, бирин-бири карап жым-жырт болушту.

— Албетте, мен адабиятчы деле эмесмин. Адабиятчы агайыңар болсо жанагы себеп менен келбей калды. Атайын чогулуп, ар кимибиз өз пикирибизди ортого салууга даярданып келгенибизден кийин андан кайра тартканыбыз болбостур деп кеңешип, өзүбүзчө иш жүргүзүп жатпайбызбы. Бул жолкусун мен тыянактап коёюн. Мүмкүн, бул китепке кайта дагы кайрылабыз. Эгерде менден жаңылыштык кетсе, ошондо коруп

алабыз. Силер сезссңер азыр эле айткыла, далилдешип коробуз. Ушундай болсунбу?..

— Жарайт, эжей.

— Агайлардын эч бири сиздин пикириңизди туура эмес деп айта элек го?..

— Жок, эжей, кайта талкуулап кереги эмне. Сиздики эле туура болот. Эгерде кимдир бирөө күнөм санап калса, адабиятчыларга өзү кайрылып, тактап алсын.

— Ошентсин, эжей...

— Эмесе, ошондой болсун. Силер Нэпмандын кылык-жоругу аркылуу автор илгерки эки аяктуу айбандардын өкүлдөрүн көрсөткөндүгү жөнүндө; Акинайдын кулк-мүнөзү, турмушка көз карашы аркылуу караңгылыктын айынан «таш—түшкөн жеринде оор» деген принципте жашап, өз эрки, эркиндиги үчүн күрөшүүгө батына албай, башы байланган жерге багынып калган теңсиз, эрксиз кыздардын өкүлүн көрсөткөндүгү жөнүндө да; көзү көргөндүн бардыгын өзүнө тарткысы келген сугалак, абийирсиз молдолордун элестүү образын жерине жеткире түзгөнүн да; революциянын жеңишин даңазалап, жаңы турмуштун жарчысы гана эмес, анын каарман солдаты катары аракеттенген азаматтардын өкүлдөрү Чалкар менен Сейитбектин образдарын да ар кимисинин өзүнө гана мүнөздүү жекече кылк-жоругу, ой жүгүртүүлөрү менен өтө кылдаттыкта иштеп чыкканын да жалпы күч менен белгилеп өттүңөр.

Албетте, бул жаман эмес. А бүтүндөй чыгарма боюнча тыянагыңар кандай? Бул эмгектин тарбиялык ролучу? Өзүңөрдөй жаштар үчүн үлгү болгудай кандай таасирдүү жактары бар? Автор бул чыгармасы менен кыргыз адабиятына кандай салым киргизди? Ушулар жөнүндө...

— Эжей, менин оюмча мунун тетири таасир этчү жагы деле бар го?— Отурган жаштардын орто ченинен кимдир бирөөнүн үнү чыкты. Бирок анын өңү-түсү оозгу бөлмөдө отурган бизге көрүнгөн жок.

— Маселен?..— Байыскан эже тиги үн чыккан тарапка моюн созду.

— Көбүнчө Сейитбектин эркек менен аялдын мамилеси жөнүндө сүйлөгөнүнүн баары эле бир укмуш. Улуу-кичүү аралаш жерде окууга болгудай эмес. Киши... эмне десем... уялат экен... Билбейм, мүмкүн, мен тетири түшүнүп аткандырмын...

Тигил окуучу өз пикиринин тууралыгына ишене бербей, мукактана түштү. Бөлмөдөгүлөр күбүр-шыбырга өтө бererде эжейлеринин үнү шаңк этти:

— Кана, бул пикир боюнча калган жолдоштор эмне дейсиңер?

— Бизге деле ошондой сезилди.

— Сейитбек тамашакөй, чечен, бирок...

«Бирок».. менен токтоло калган окуучу же эмне айтарын таппай калдыбы же оюндагысын айтуудан тартындыбы, айтор, оозун жакшы эле таптап-таптап келип тим болду. Отурган жолдоштор да анын «бирогунда» эмне сыр бар болду экен дегенсишип, ошону эле карап калышты. Үмүттүү караган көздөр күндөн да күчтүү ысытат бейм, тигил баланын кара тору жүзү албырып, барбайган мурдунун учунда шүүдүрүм пайда болду. Эненин жүрөгү балага кандай мээримдүү болсо, эженин жүрөгү бөбөгүнө дал ошондой болорун эжелүүнүн кимиси билбесин. Мына, азыр да кысталып турган иничегине эжейи жардам кылды.

— Туура баамдагансыңар. Сейитбек чын эле шайыр да, өткүр да жигит. Чалкар жолдошу айткандай, анын тили эт эмес, темирден бүтүп душманга устарадай курч, уудай ачуу тиет. Сейитбектин башка каар-

мандардан айырмасы да—анын чукугандай сөз таап, каршыларын какшата, канатташтарын каткырта сүйлөй билген чебердигинде. Бирок анын силерге уятыраак сезилген айрым сөздөрү чын эле шектүү. Андай, турмуш тажрыйбасынан жарала турган, көптү көргөн, көптү өз башынан өткөргөн шумпайлардын оозунан чыгар сөздү али уядан уча элек балапандай жаш жигиттин сайрап турушу турмуш чындыгы менен эп келишпегенсийт.

Ким эмне дээр экен дегенсип, Байыскан эжей айлана-чөйрөгө көз чаптыра бир аз тыным алды да, кошумча пикир айтар адам жоктугун сезгендиктен, корутунду сөзүн илгери улады:

— Албетте, жолдоштор, мен жогоруда эскерттим го... Маселе — тигил же бул сөздүн орундуу же орунсуз берилишинде эмес, чыгарманын жалпы касиетинде. Андай болсо, Аалы Токомбаевдин ушул эле биз сөз кылып отурган китеби кыргыз адабиятындагы советтик бийликтин алгачкы жылдарындагы кыргыз элинин турмушун объективдүү чагылдырган баалуу чыгармалардын катарынан орун аларын танууга болбойт. Өзүңөр байкагандырсыңар, китептеги чагылдырылган окуя кудум эле турмуштун өзүндөгүдөй улам барган сайын коюуланып, сезимдин пружинасын ныгыргандан ныгырып жүрүп отурат. Адегенде Нэпмандын ырайымсыздыгын жана анысын жаап, калкалаган анткорлугун, Торой молдонун тарп аңдыган таз жорудан ашып түшкөн топуксуз сугалактыгын, «Олпок жеңенин» абийирсиздигин, арам ойлугун жек көрүп, кыжырлансак, өзөктөрүн динге карата болгон сокур ишенимдин чогу солутуп, аргасыздан ажырашкан Элчибек менен Үкүнайдын арман-зарына биз дагы жүрөгүбүздү арбатып, аларга боор ооруйбуз. Аянычтын ачуу жашын көзүбүздөн кылгыртабыз. Ошондо, өткөн

бир зар заманда өксөгөн эчендердин элеси көзгө тартылат. Кайдыгер күндөрдө анчалык байкалбаган бактылуу турмушубуздун баркы эми эселенип артылат. Мындай жаңы турмуштун жаралышынааздыр-кептүр үлүшүн кошкон улууларыбызды урматтап, алардын эрдигине жүгүнгүбүз келет. Алардын жеңиштүү эстафетасын өткөрүп алып, өрдү көздөй жүгүргүбүз келет.

Ал эми китептин экинчи бөлүгүндө суу тийген кендирдин түйүнүндөй чиеленген окуянын чечилиши да автор тарабынан чебердикте берилген. Акинай менен Элчибек таанышкандагы, эки боордош табышкандагы эпизодду эле алып көрүңүздөрчү?.. Ошондо сокур көздөн да жаш кылгырат го. Бирок бул жолу мурдагыдай муңдаштыктын эмес, тосмону жырган толкундай болуп, жүрөктөн атылып чыккан кубанычтын жашы сызылат.

Чыгарманын дагы бир артыкчылыгы — ар бир каармандын өзүнчө, кайталангыс мүнөздө, турмуш шартына жараша өсүү процессинде көрсөтүлүшүндө. Акинай ким эле, аягында ким болду? Элчибекчи?.. Арабакеч Юсур менен «чала молдо» Медердин мүнөзүндөгү өзгөрүүлөрдү ким байкабайт?..

Албетте, бул чыгарманын уландысында алар ким болорун азыр ачык айта албайбыз. Бирок Медер молдонун азыркы көрүнүшүнө караганда ал жаңы замандын жалындуу жарчысы да болбостон, жата калып үркүтүүгө үмүттөнгөн каршысы да болбостон, биринчи медресе-мектептерде «алип-бэ» окутуп, тамга тааныткан алгачкы жаңыча «молдокелердин» бири катары чыга келиши да ыктымал. Андайлар биздин элдин турмушунда кеп эле болгону — чындык...

А Сейитбек менен Чалкарчы?.. Алар азыр тап күрөшүнүн тайманбас жоокерлери катары тарбияланып

жаткан, бирок табына толук жете элек, али ошол күрөштүн өзүндө такшала элек, демек, талпынууга обдулуп турган гана жаштар. Алардын солдат экендиги азырынча ачык көрүнө элек. Бирок советтик бийликтин, социалисттик коомдун солдаттары катары чыга келерине эмитен эле ишенүүгө болот...

Жеткинчектердин жетекчи эжейи жеңил, бирок жемиштүү сүйлөп жатты. Адабий чыгарма боюнча айткан адилет пикирине караганда анын жөн гана айылдык китепканачы экендигине ишенүү кыйын эле. Билбейбиз, биз азыр адабий талкуусуна тымызын катышып отурган эжебиз эле ушундайбы же китепканачылардын бардыгы тең ушундайбы, айтор, азыр алар жөнүндө тайкы түшүнүктө жүргөнүбүздү сездик. Китепканачынын адабиятчы да экендигин эми байкадык. Байыскан эжебиздин талкууга алынган чыгармага карата айткан корутунду сөзү биздин китепканачыларга карата эски көз карашыбызды бүтүндөй өзгөртүп, алардын даражасын көтөрдү.

— Эми, тыянактап айтканда — жүрөктөрүн жүйөөлүү сөз ээлеген, ондогон көздөрү менен олуттуу сүйлөгөн бир оозду мээлеген мемиреген зээндүүлөрдүн эжейи сол колун бет алдына туура көтөрүп, убакыттан маалымат алды да, ошол замат кайта сөзгө өттү,— автор бул чыгармасы менен келечектин ээлерине кайрылып: «Жаштар, силердин ушул замананар бактылуу, турмушуңар шайыр жана шаттуу, а эртеңкилер мындан да таттуу. Бирок ал өзү эле жадырап-жайнап, жазгы байчечекейдей чыга келбейт. Аны алланын амири да бербейт. Алла элге бермек түгүл, анын өзүнө да эчтеке жок. Анткени анын өзү жок. Демек, таттуу турмушту жасаш керек. Мына бул силер бактылуу жашаган турмушту да силерден улуулар жасаган. Бул турмушуңар менен сыймыктана бергиле, жемишин да ра-

хаттана жегиле, бирок муну атам тигиптир, агам өстүрүптүр дегиле, ар убакта ушул турмушту тургузган усталарды эстегиле. Силер да өзүңөрдүн эртеңкиңерге — муундарыңарга ата-бабаңардай жаңы мурас камдагыдай болгула» деп, үн салып отурат. Бул үн бизге бир гана автордун үнү эмес, чоң казатка аттанган азаматтарга кайрылып, карыялардын каалаган ак тилегиндей сезилет...

Менин оюмча чыгарманын күчү—биринчиден, дал ушул бактылуу доордун балапандарына: «бүгүнкүгө сыймыктансаң, кечегиге суктан, эртеңкиге шыктан» деген акыл-насиятында. Экинчиден, шарият-диндин бет пардасын сыйрыган атеисттик духунда. Демек, жалпы алганда, мунун артыкчылыгы — карыга да, жашка да таасирдүүлүгүндө, тарбиялуулугунда...

Байыскан эже дагы бир тыным алып, саатына дагы бир көз салды да, башын акырын чайкап койду. Болжолу, айтылбай далай сыр жатса, ага аярлабай ашыккан сааттын жебесин жемеледи окшойт, эриндери бүлк-бүлк этип, үнү ичтен чыккан жок. Талкуунун активдеринин тамылжыган жүздөрүнөн бүгүнкү жыйынга толук канааттангандыгы, таңыркаган мүнөздөрүнөн тарбиячы эжейлеринин талдоо методуна суктангандыгы көрүнүп турду. Биз дагы окуянын түздөн түз күбөсү болуп, бардыгын өз көзүбүз менен көрдүк, өткөн-кеткенди сурап түшүндүк. Өзгөчө «өгүнкү» окуяга көңүл бөлдүк...

Өгүнү... Байыскан эже бир жашар Самарбеги менен «Чырканак төр», «Кара жылга» кыштоолорундагы малчылардын китептерин жаңыртып кайта тарткан. Жол боюндагы малчылардын улам бири Байыскандын атын чылбырлап: «даам татып кайтыңыз» деп, өтүнгөн соң, алардын көөнүн кыйбай, урмат-сыйына маңыркагансыбай кармалып отуруп, кечирээк аттанып

калды. Анын үстүнө кышкы күн арыштуу келип, өзгөчө тоолуу жерде, бир кырдан кылтыйып жылт эткенинен кийинки кырдан жылбышып жылт эткени тез эмеспи.

Ат үстүндөгү эне-бала экөө «Кең-Колдун» оозуна жете электе эле күн баткан. Анткен менен асман ачык, ай жарык келип, айлана-чөйрөдөгүлөр кадимкидей таанылып турат.

Адам жалгыз жолоочуласа, жол түгөнбөй, жалгыз отурса, убакыт өтпөй турган өңдөнөт эмеспи. Азыр да ошентип, жол чоюлуп, өйүз-бүйүз ичкерип, аралык арылагансыйт. Анын үстүнө чылбыр-тизгинди каккылап, атты башка-көзгө чапкылап ылдамдатууга да болбойт. Ат акырын эле желип койсо, артынган куржундун эки жагы карганын канатындай делбектеп, капталды каккылайт. Эненин бооруна ичик менен кошо кумтуланып, сыртынан кызыл гүлдүү кара шалы жоолук менен белге кошо курчай таңылган Самарбек да аттын сөлп-сөлп желгенин жактырбай, чирене калат. Ошондон улам, жүрүш бийлигин бүт бойдон атка берип, анын эле эрки менен келатышат.

— Чү, мурдуңа таш киргир!— Байыскан ачууланды, кошкуруна токтой калган аттын тизгинин какты. Теминимиш болду. Бирок ат алга жылгыдай эмес.— О жерге кир, оюна койгонду да билбейт, жөн койсо, ушул жерге жатып алгысы бар. Чү! Чү!.. Буга жин тийген го... Опей, бу кыңшылаган эмне?.. Бул тегеректе малчылар жок эле го?.. Же... эмне; адашкан итпи?.. Ойт! Чык, кет! Сениби?.. Чу, эми эмнеден коркосуң?...

Жок, шалпаң күрөң мурдагы калыбынан өзгөрө койкоюп, түрү башка. Ээсинин эркине көнгүдөй эмес. Жолдун оң жак жээгинде бооруменен жылып, кыңшылаган «ит» да ары кетмек түгүл, кайта берилеп,

имерчиктегенсийт. Бирөө эмес окшойт. Көздөрү балбылдап, көрүнүштөрү суук...

Алардын карышкыр экенин Байыскан биле койду. Эси эңгиреп, эмне кыларын билбей, бир пазга селдее түштү. Бар болгон аракети—Самарбекти бооруна бекем кысуу болду. Ошол минутада илгери кутурган жырткычтардын камоосунда алдастаган, айла издеген алсыз, жалгыз Ажарды көзүнө элестетти. Эсин жыйып, аттын тизгинин жыя кармап, ээрдин кашына илинген камчыны алды да, такымга тартып-тартып алды. Ат алга обдулуунун ордуна, артка кетенчиктеп, мөңкүп-мөңкүп тим болду. Кайта бура тартып бастырса, жөн эле башка-көзгө чапкылагандай кетчү түрү бар. Бирок антип кутулууга болобу?.. «Жок, качканыбыз болбойт... «Жаманды ат үстүнөн ит кабат». Атчан болсок... Бирөө эмес, экөөбүз... Ушул бир-эки жырткычтан коркуп... Ажар... Ал жалгыз болчу... Бөрүлөр көп болгон... Ал убакта карышкыр эмес, ит да малга карабай, кишичил болуп кутурушкан. Азыр баары башкача. Өлөт алгыр. Мобу эшектин көжөлүп туруп алганын көрчү. Болбосо улам жакындаганын жапшыра чаппасам да жанын көзүнө көрсөтүп отуруп, ооздогу сарайга жакындасам... А-а, баса, жетим акыл башым, ширеңке менен эмне коркутпайм?..»

Ички кемселдин чөнтөгүндөгү ширеңкеге араңдан-зорго жетип, эки чийди сууруп алды да, коштой тартып, тутана түшкөндө алга ыргытты. Дагы бир-эки кайталады. Жырткычтар жолдон чыга берди. Оозун кагып, теминди эле аты «алда кандай болор экен» дегенсип аярдык менен бут шилтеп, араң эле ордунан козголду. Тигилер дале болсо эмнедендир үмүт кылгансып, арттан ээрчип, кыңшылашты. Анда-санда, бирден-бирден чакса да, ширеңке түгөнө жаздап баратат. «Кең-Колдун» оозуна чейин дагы бир топ жер.

Белин узун кылчылбырдын учу менен курчанып, гүлдүү шалы жоолукту бошотуп алды. Четин кичине-кичинеден күйгүзүп, аны тилке-тилке кылып айрыды да ач бөрүлөр жакындаган сайын улам бирин тутантып жүрүп отурду. Жүн буюм шытырап, кууураган камыштай ырас күйөт экен. Ага карышкыр түгүл жолборс да даагыдай эмес...

«Качкан жоону катын алат» дешет экен. Кааласа, каарданса алар ушинтип качырган «жоону» да таш каптырарын мурда билишкен эмеспи? Же биздин энелер, эжелер илгертен бери эле ушул Байыскан эжеге окшоп: «же аны көргөн адам болбосо же бөктөрүлгөн олжом болбосо, орду жок опуроңдоонун, күбөсү жок мактануунун кереги эмне?.. Макул, менин айтканыма эл ишенет дейли. Жолдон карышкыр көрдүм, жоолугумду аларга өрттөп бердим десем элге шылдың болбоймунбу» дешип өздөрү, канчалык зор иш аткарышса да, аны кичинедей сезишкен өзгөчө адамдарданбы?.. Ананчы!.. Ал жөнүндө—биздин адамдын өзгөчөлүгү жөнүндө кайдан шектенүү болсун!.. Ошондо да адамдык асыл сапатты коомдук милдет курчутуп, аны оттон да, октон да жалтанбас кайратка каныктырып, шердентерин, коомчулук колдогон адамдын жолун тоо тосо албастыгын, жоо буза албастыгын айтпай кетүү болбос.

Анткени кечээ карышкыр камаган Байыскандын бүгүн кайта тоо кыдырып кетишин коомдук милдетти ыйык сезүүнүн, аны аткаруу жоопкерчилигин жогору коюунун натыйжасы деп гана баалоого болот. Антпегенде, демек, коомдук милдетти сезбегенде —өз гана кызыкчылыгын көздөгөндө Байыскандын Чолпонбай агасы көкүрөгү менен ок тозбойт болучу да, Чолпонбайдын Байыскан карындашы жылуу жайынан козголуп, тоо аралап, жол баспайт болучу...

Жүрөк менен кан бирге,
жүлүн менен жан бирге...

Азаматтын таянычы — эл, даракттын таянычы — жер экен го. Ошон үчүн турмуштагы эрдик — «мендик» гана эмес, элдик да болуп, жалпыга жалганат тура.

— Элим баалабаса, эрим каалабаса, мен эмнеге жарайт элем? Бири жөлөп, бири сүрөп, мени ишке шыктандырып жүрөт — деп, Байыскан эжебиздин жайдарыланышы, өзүн минтип кулпунткан ийгиликтин негизин коомчулуктун колдоосуна жана акылдаш, аракеттеш жолдошуна ыйгарышы анчейин гана тамаша ирээтинде айтылган кеп эмес, сезимдин тереңинен оргуп чыккан тунук сыр экенине ким шектенет. Чынында эле күлүктүн күчөнөрү — саяпкерден, куштун кулпунары — мүнүшкөрдөн эмеспи. Эр да көктөн түшпөйт, элден өсөт, кичинеден чоңоюп, төмөнтөн жогорулап, калкы менен канатташ өсөт.

Байыскан Кеңешбекова да жөнөкөй эле кыргыз кыздарынын бири. Анын башкалардан өзгөчө эч белгиси деле жок. Тиши — мөөрсүз, тили — сөөлсүз. Бирок ал — айылдаштарынын ардактуу адамы, күтүлүү мейманы. Анткени ал өзү да айылдаштарын ошончолук урматтайт. Өзү тейлеген жайга келген ар бир адамды зор кубаныч менен кабыл алып, колдо бары менен сыйлайт. Ошентип, «сыйга-сый, сыр аякка — бал» бүттү. Ак эмгеги адилет бааланган адам элирген күлүктөй ызгып, тозсоң да токтобойт эмеспи. Анын сыны да, сыры да ошондо байкалат. Ага чейин анын барыжогу билинбейт, демек барк алынбайт...

Байыскан эжебиз да жашынан эле эмгекке жакын болгону менен айлана-чөйрөгө аздап-аздап таанылды. Эне-атасы аны эби жок эркелетип, жөнү жок башка-

рып, жүктүн бурчундагы капаста кармашпады. Балдардын улуусу болгондуктан, бардык ишке кол кабыш кылуусу керек болду. Коомдук ишке да өзү теңдүүлөрдөн эрте киришти. Иштин кезүн таанығыча, такшалгыча таасын басуу кыйын да... Ал кээде жастым басып, жаңылган да күндөрү болду...

Мүмкүн, эжебиздин жердештери менин бул эскерүүмө акырая карашаар. Анткени жакшы көргөн жанына чаң жугузгусу келбестир.

— Ээ, балам, өйдө-ылдый, ысык-суугу жок турмуш болобу? «Бирде жигит жөө жүрөт, бирде жигит төө минет» деген сөз бар эмеспи... Көсөмдүк көктөн түшпөйт, аны турмуш өзү жаратат. Байыскан жеңең кечээ бала болучу, а бүгүн—Адам—деп, айылдык карыянын айткан адилет сөзүн да уккам.

Мейли, өткөн-кеткенди козгоо, көпчүлүккө жакпаган соң, каармаңыбыздын кечээгисине имерчиктебей, келечегине өтөлүк. Бирок адамдын ак эмгегинин адилет бааланышы жаңы шыктын жаралышына канчалык себептер болорун ашкерелөөнү атайын максат кылып отуруп, бул маселеге азырак аярлабасак болбос...

Ананчы, мындан төрт-беш жыл мурда биринчи жолу Байыскандын баалуу эмгеги айылдаштары тарабынан гана эмес, республика тарабынан да белгиленип, ал тейлеген китепкана Кыргыз ССР маданият Министерствосу менен профсоюздардын Кыргызстандык советинин «Эн сонун эмгектин китепканасы» деген дипломуна ээ болгондогу кубанычты айтпагыла... Анда жалгыз гана Байыскан түгүл, бүткүл айыл кубангандыгын азыр кантип эскербей коёбуз. Ошондон баштап, Байысканга канат бүттү. Ала-Тоонун барчынындай талпынып, улам жаңы табылганы карай умтулду. Эл арасында агитация, пропаганда жана агартуу иштерин үлгүлүү жүргүзгөндүгү анын баркын мурдагыдан да

көтөрдү. Ушундай эмгеги үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары менен бир нече ирээт сыйланды.

Ушунун баарына Байыскан эжебиздин жердештери күбө. Алар мунун бардыгын өздөрү көрүшкөн, кубанычты тең бөлүшкөн.

Албетте, бул—адилет бааланган ак эмгектин натыйжасы экени айтпасак да түшүнүктүү. Анткени, эл колдогон жан өсөт, эл кордогон шам өчөт. Демек, жакшыга да, жаманга да эл тең орток...

Эмесе, биз Байыскан эжебиздин жердештерине, албетте, айыптоо ирээтинде эмес, эскерүү ирээтинде азырак өкүнүчүбүздү айткыбыз келет...

Байысканга калк катары учууга канат болбосо да, конууга куйрук болгон бир адам бар.—Ал Төрөбек Өскөнов экенин сиздер билесиздер, кымбаттуу таш-төбөлүктөр. Айтыңыздарчы, ал кишинин жасаганы—көңүлгө татырлык эмгекпи же жеке өзүнө эле таандык, эриккендеги эрмекпи?..

Ал кишинин көптөн бери өмүр шеригине кол кабыш кылып, китепканада кошо иштешкендигин, коомдук мүлккө сакчылык кылып, колхоздун клубун кайтарып жүргөнүн көрүп, аны «штаттан тышкары китепканачы жана кароолчу» деп коёт экенсиздер. Ким билет, мүмкүн кимдир бириңер бул сөздү адамдын ак ниеттигине суктануу ирээтинде айтсаңыздар, кайсы бириңер: «акысыз-пулсуз антаңдап, ашкере эле ак жүрөктүүлүктүн кереги эмне» дегенчелик кылып, жактырбагандыктан айтарсыздар?..

Албетте, сиздердин көпчүлүгүңүздөр ал адамдын аракетине астыртан көз салып, адилет баа берип жүргөндүрсүздөр... Бирок аныңыздар жетишпей жатпайбы... Мындай жерде, тутана албай жаткан отту четте туруп кубана тиктегенден, бетке тута шуу-шуу үйлө-

гон дурус эмеспи... Таманынан чаң чыккан күлүктүн артынан күүлдөп жөнөгөндөн, там-туң баскан бөбөктү алды-артынан жөлөгөн жалпы журтка пайдалуу келбейби.

Ал эми Төрөбек агабыз да дал ошондой сиздердин жологуңуздөргө муктаждыгын, анын да эл көңүлүн бурарлык эмгеги бар экенин атайын эпизоддор аркылуу болбосо да, астыртан айткан сөз аркылуу эскертпедикпи.

Мүмкүн, сиздер, ак ниет агайыбыздын жердештери, акыркы сөзду айылдын активдеринен, коомдук чарбанын жетекчилеринен күтүп жүргөндүрсүздөр. А тигилер да сиздерге окшоп «бала ыйлабаса, эмчек жок» деген принципти колдонушуп, төмөнтөн өтүнүч, жогортон көрсөтмө күтүп жүрүшсө кантесиздер?

Ал эми Төрөбек аксакал болсо, мага акы төлөгүлө деп, чоңдордон өтүнмөк турсун, бул жөнүндө биздин берген кеңешибизди жактырбай:

— Былк эткендин баарына эле акы доолай бериш болобу? Жакынына жардам кылуу, коомдук мүлккө көз салуу ар кимге эле милдет го... Анын үстүнө башка жумушта иштебегенден соң, ушул үйүбүздүн түбүндө турган клубка эртели-кеч көз салуу өзүмө деле эрмек эмеспи. Же эртеден-кечке ойноп жүргөнүн деги бир чоң иш бүтүргөндөй көрүп: «Апа, курсагым ачты, эмне тамак бар?» деп, энесине опурандаган эселек өңдөнүп, мен да өз эрмегим үчүн элден акы тилейинби? Өкмөт берген пенсиям эле жетет — деп койду.

Караңыздарчы, кандай каниеттүүлүк! Кандай ак көңүлдүүлүк, тунук пейилдүүлүк! Бирок, Төрөбек аксакал өзү айткандай, эрмек үчүн эле эмес, материалдык жоопкерчиликти да өзүнө өзү жүктөй жүргөнүн ким билет?..

Кечээ эле өткөн күндөрдүн бири. Күн кечтеп кал-

ган. Тиги жаш иничек кубалап келаткан күрөң торпок клубду имериле качты. Баланын ачуусу келди окшойт, жерде жаткан томпойдой ташты чуркап келаткан бойдон шыпыра чеңгелдеп, аны тилге көнбөс айбанды көздөй жиберип калды. Таш торпоктун үстүнөн кайпып өтүп, ары жагындагы терезеге тарс этти. Шаңгыр эткен айнек үнү клубдун ичин жаңыртты...

Байыскан районго кетип, Төрөбек анын ордуна китепканада отурган эле. Терезе жөнүндөгү окуя ага ошол эле замат буруу-терүүсүз так жетти. Ишти бүттү. Окуянын ордуна келди. Ойлоно калды: «Эмне кылсам, баланын атасына барсамбы?.. Ал бала атайын сындырууга урган жок да?..»

— Ыя, ботом, бул терезе эмне аңырайып калган?— Эми эле автобустан түшүп, үйдү карай келаткан Байыскан «Төкөбайынын» клубдун жанында бир нерсе карап турганын көрүп бери баскан.

— Сынса ушинтпейби?

— Анан анын эмнесин тиктеп, ойлонуп отурасың. Айнек болсо үйүңдө турат. Көп болсо бир-эки тактасы кетер. Веренданын көздөрүнө калганы да жетер, эл көрө электе бүтөй кой. Атайы сага ишенишсе...

— Ушундай эле Каныкейимсиң да. Бирок ал Манастын сыртындагы эле жарасын сезбептир... А сен менин ичимдегимди да билип турганың артык да. Кана, эми, баягы айнек кескичти таап бере койчу, кайда койгонумду билбей, эсим ооп атпады беле...

Мына, Төрөбек Өскөновдун эрмеги— ушундай эрмек. Минтип эрки менен эмгектенүү — эрмектин эң эле сонун сейили, ишенимге татырлык иш бүтүрүү— кубанычтын куту эмей эмне?

Адамзаттын улуу акылмандары илимий сергектик менен сезип, билгичтик менен эскерткени: «Эмгек— азаптануудан, кыйналуудан адамдын өмүр сүрүп жа-

шашпынын бирден бир зарыл, көңүлдүү рахаттануусуна айлана» баштаганы да ушул. Мындай, эрмекке, эргүүгө айланган эмгектин эң биринчи уясы — биздин советтик Родина, Коммунисттик доор! Бул биз үчүн чексиз сыймык! Бирок адилеттик үчүн айта кетерлик бир сөз—азырынча, коммунисттик коомдун азыркы этабында ар кандай баалуу иш барктaлууга, ошону менен катар акы менен да бааланууга тийиш.

Анткени, эмгеги материалдык жактан бааланган адам акы менен жыртыгы бүтөлүп, бөксөсү толорун сезбейт. Ал баарыдан мурда өз аракетинин коомго керектигин сезет. Эмгегинин бааланышынан элинин урмат-сыйын, баалуу сыйлыгын көрөт. Ошондон улам, өзү жасаган иштин элге жаккандыгын, элди ыраазы кылгандыгын баамдап, өзүнчө терең канагаттанат. Демек, өзү да кайраттуу калктын катарында тургандыгына кубанат, сыймыктанат. Катардан калбас үчүн катуу аракеттенет. Кадырлуу калкына өз атынан арнаш үчүн улам сонун укмуштарды жараткысы келет. Ананчы!.. Көңүлү көтөрүлгөн адам көлдөй чарпылып, өрдү көздөй өсө да, коомдун жүгүн көтөрө да берет.

Ырас, жүк көтөрүүнүн да, иш бүтүрүүнүн да жөнү бар. Биздин адамдар, албетте, жөндөмдүү адамдар, тоону да топурагын сапырбай томкорот. Демек, алар терең дайрадай зымпыйып, мөңкүбөйт да, туйлабайт. Алар аткарганынан даң салганы, иреттегенинен чаң салганы, демек, бүтүргөнүнөн дүбүрттөгөнү күчтүүлөргө окшоп, өзүн өзү мактап, өпкөлөрүн көптүрбөйт. Алардын күчү сырткы дүбүртүндө эмес, ички дүрмөтүндө болот. А кээде, албетте убактылуу гана, коомчулуктун көңүлү терендегени сезгиче теридегиге бурулуп, үстүртөн мыкты көрүнгөнгө үзөңгү тептирип, ат үстүнө чыгарып коёт тура. Ал кургур алды-артына карабай: «болду эми, аттууга жөө жете албайт» деп ойлоп, те-

реңдеги үчкүнду теңсинбей, менсинет экен да. Төрөбек Өскөновдун эмгеги эмдигиче өз салмагына жараша бааланбай келатышына караганда Карл Маркс атындагы колхоздо да ошондой окуя орун алган окшобойбу?..

Кана, кымбаттуу таш-төбөлүктөр,— акты агарткан, көктү көгөрткөн коомдук күчтөр, дүбүрткө эле кулак түрбөй (дүбүрттүн азгырмасы да, жазгырмасы да болот), түпкүргө да көз жүгүртүү сиздердин адилет ишиңиздердин негизгиси экенин эскертүү иретинде кайрылып турганыбызды эстен чыгарбаңыздар.

Байысканды баалаган, ошонун өзү менен балапанды барчынга айландырган эл анын өмүр шериги, анын ийгиликке жетишинин өзүнчө бир себепкери — Төрөбектин да ак эмгегине адилет баа берсе деп эңсейбиз. Анткени, өзүңүздөр деле ойлоп көрүңүздөрчү — Байыскан ким, Төрөбек ким? Алар — жүрөк менен канга окшоп, жүлүн менен жанга окшоп, бирине-бири себепкер болгон адамдар. Эмесе элестетип көрөлүчү:

— Жүрөктү басса, кан кантет да, жүлүндү басса, жан кантет...

МАЗМУНУ

Уулга бергис келин бар . . . . . . 3

Байыскан . . . . . . . . . . 36

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 199079

*М. Сасыкулов*

БАЙЫСКАН

*(на киргизском языке)*

Редактор *А. Өмурканов*
Оформленнеси *Ю. Кимдики*
Худ. редактор *И. Бульба*
Тех. редактор *Г. Шаршекеева*
Корректор *А. Алышбаева*

Терүүгө 5/VI-1972-ж. берилди. Басууга 11/X-1972-ж. кол коюлду. Д—02364. Кагазы типографская № 1 форматы 70×108 1/32, 2,37 физ. басма табак, 3,32 шарттуу басма табак, 3,25 учеттук табак. Тиражы 3000. Заказ № 1768. Баасы 10 т.

720461, ГСП, г. Фрунзе, 5, ул. Жигулёвская, 102, Киргизполиграфкомбинат Госкомитета Совета Министров Киргизской ССР по делам издательств, полиграфии и книжной торговли.

МЕНТ

10 т.